28 Кыр
Т13

Түштүк Кыргызстандын экологиясы



Формуляр книги
469591

цифровая Хр
28 кыр г
Т13

Абдибаит ТАЖИБАЕВ
Сапар АБЫЛОВ

ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОЛОГИЯСЫ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 469591

Ош шаары 1992-жыл

Абдибаит ТАЖИБАЕВ.
Сапар АБЫЛОВ.

ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОЛОГИЯСЫ

Редактору А. Нурдинов
техникалык редактору М. Өмүрзаков
корректору А. Уруссова.
Сүрөтчүсү Б. Жали уулу.

«Оогандык кыргыздарга жардам» кайрымдуулук Борбору

КААЛОО

Жаратылышты коргоо, анын ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу учурдагы курч мүнөздө коюлуп жаткан орчундуу маселе. Анткени, бир гана биздин мекенде эмес, бүткүл дүйнөдө экологиялык абал абдан начарлап, жаратылышка олуттуу зыян келтирилүүдө. Баарыга белгилүү болгондой Арал деңизинин жыл сайын тартылып, бөксөрө башташы, андагы туздун бууланып, аба-атмосферасына көтөрүлүп таркап жатышы климаттын кескин өзгөрүшүнө алып келүүдө. Ансыз да Кыргыз жеринен мисал келтирсек, токойлор сейректеп, пайдалуу дары чөптөр азайып, жер кыртышы бузулуп, абада орчундуу булганычтар пайда болуп, тоолордо кайберендер, канаттуулар азайып кеткен.

Ырасын айтуу керек. Биз жаратылышты коргоо ишин өтө кечигип баштап, айрым нөүккөн мамлекеттерден 15—20 жылга артта калганбыз. Экологиялык түшүнүгүбүз өтө начар. Муну моюнга алуубуз керек. Мен быйылкы жылдын май айынын этек ченинде Германиянын борбору Бон шаарында болуп өткөн бүткүл дүйнөлүк кеңешмеге катышып, анда таң калаарлык окуяга —бири биринен калышпай ат салышкан илимпоздордун экологиялык талкуусуна туш болдум. Биз жер —планетасынын, ошонун ичинде адамзаттын келечектеги тагдыры эмне болот, жашоосу уланабы, же токтойбу, алдыда күтүп турган алаамат кыйроону болдурбай коюунун мүмкүнчүлүгү табылабы, деген сыяктуу маселелер али биздин оюбузда жок экендиги мени аябай өкүндүрдү.

Азыркы учурга чейин атмосферадагы озон катмарынын тешилиши түштүк полюсунда гана болсо, эми түндүк полюсуна да өтө баштаган. Муз доорундагы жердин орточо жылуулугу 10 градус болсо, азыр 14 градуска жогорулаган. XXI кылымга барганыбызда бул жылуулук 16 градуска көтөрүлөт. Ошондо океандагы аралдар, океандын, деңиздердин жээктериндеги шаарлар суу түбүндө калышы мүмкүн. Бул багытта илимий изилдөөлөр жүрүп жатат. Океан менен деңиз жээктериндеги шаарлардагы адамдар кургак аймактарга көчө баштап, оор кыйынчылыктар болушу күтүлөт.

Озон катмарынын тешилип бузулушунун бирден бир себеби аба атмосферасынын өнөр жайлык чаңдар жана газдар аркылуу булганышы менен мүнөздөлөт. Өнөр жайы өтө өнүгүп кеткен

мамлекеттерде көмүр чектен ашыкча жагылат. Күйүүчү майлар газдар көп иштетилет. Мисал келтирели, Германияда (орточо бир жылдыгын бир адамга эсептегенде) 21 тонна, АКШда 19 тонна, ал эми эң аз болгону Кыргыз республикасында 50 килограмм жагылат. Авторанспорттордун абаны булгагыч таасири жогору. Экологиялык таасирлерге маани берген айрым мамлекеттер бензинди самандан, жыгачтын таарындысынан жана башка калдыктарынан иштелип чыгылган спиртти жана электр энергиясын автотранспортторго пайдаланышууда. Албетте, бул массалык түрдө эмес.

Кыскасы суунун, абанын булганышы, токойлордун кыйрап бүлүнүшү, дагы ушул сыяктуу орчундуу көрүнүштөр жер — планетасынын алааматтуу кыйроосуна алып келе тургандыгы дүйнөлүк илимпоздордун тынчын алууда. Бул деген адамзаттын кыйрап жок болуу коркунучу дегендикке жатат. Ушундай оор кыйроонун алдын алып, аны болдурбай коюунун мүмкүнчүлүгү туурасында быйылкы 1992-жылдын июль айында болуп өткөн ООНдун Бразилиядагы 15 күндүк конференциясында, Шибе-царядагы болуп өткөн 2 күндүк кеңешмеде олуттуу маселелер кеңири талкууланды. Мына ушунун өзү эле жер —планетасынын жана анда жашаган адамзаттын кечелек тагдырынан бизди кабардар кылып жатпайбы. Ошондуктан урматтуу окурмандар колуңуздарга тие турган бул экологиялык китеп канчалык мазмунда болбосун пайдалуу болоорун эске алып, кунт коюп окуп үйрөнүү менен аздыр-көптүр түшүнүк алсаңыздар жакшы болоор эле деген ойдомун.

Экологиялык китеп текчелерде калып кетпөөгө тийиш. Экологиялык абалдын начарлап кетиши, ар бир ишканага, мекемеге, завод-фабрикаларга, колхоздорго, совхоздорго, мектептерге, деги ар бир эле адамга таандык деп айта алабыз. Анткени, экологиялык абалдын начарлап кетишине аздыр-көптүр себепкер болгонбуз да. Ошондой болгон соң, китепти арзуу менен кабыл алып, текчелерде калтырбай кунт коюп окуп, ич жүзүндө ыраатуу пайдалануу керек. Экология —бул адамдын жашоосуна, ден соолугуна пайда келтирүүчү, тарыхтык жагдайда алганыбызда эң жаш илим.

Бул жаратылыштык жацы, түштүк Кыргызстанда пайда болуп жарык көргөн экологиялык китеп жолдуу болуп, жаратылыш үчүн өрүштүү кызмат этишин каалайм.

МУРАТАЛИН, Искендер Садык уулу.,
Кыргыз республикасынын жаратылышты коргоо боюнча
мамлекеттик комитетинин төрагасы.

ЖЫЙНАККА КИРГЕН МАКАЛАЛАРГА ПИКИР

Азыркы учурда адамдардын алдында эң орчундуу проблемалар турат. Алар адамзаттын Африкадабы, Америкадабы, Европадабы анысына карабайт, бардыгына тийешелүү. Бул проблема — жаратылышты коргоо, айлана-чөйрөнү коргоо, экологиялык сабатсыздыгыбызды жоюу.

Түштүк Кыргызстандын табияты кооз, жан-жаныбарга бай жана илгертеден бери эле көптөгөн туристтерди, окумуштууларды өтө кызыктырып келген, бирок түштүктөгү ушундай ажайып кооздук акыркы 15—20 жылдын ичинде кескин начарлады.

Аларга бир топ себептер кошумча болду. Мисалга алсак, толгон-токой уулуу химикаттардын ашыкча өлчөмдө, көпчүлүк учурларда билбестиктен, агротехникалык эрежелерди сактабастан түшкелди чачышы, жайыттардын туура эмес пайдаланылышы ж. б. Жыйнакка кирген макалардын ар биринде Түштүк Кыргызстандагы жаратылышка тийешеси болгон маселелерди көптөгөн фактылардын негизинде чагылдырган. Азыркы мезгилдеги жоголуп кеткен жана жоголуп бара жаткан өсүмдүктөр менен жаныбарлардын кейиштүү көрүнүштөрү тактык, билгичтик менен көрсөтүлгөн жана мындан ары аларды сактоо үчүн тийиштүү чараларды токтоосуз тез аранын ичинде жүргүзүү керектиги айтылат. Ошону менен бирге эле экологиялык терминдер, факторлор жана алардын айлана-чөйрөнү коргоодо негизги милдеттери илимий негизде жана окуучуга жеткиликтүү түрдө көрсөтүлөт.

Бул жыйнак чарбалар, өнөр жайлык ишканалар жана мектептер үчүн, ошондой эле ар бир адам үчүн пайдалуу колдонмо болоорунда шек жок. Анткени жашообуздун булактары жаратылышта эмеспи.

Н. Байдөөлөтов.

Ош мамлекеттик пединститунун зоология кафедрасынын башчысы, биология илимдеринин кандидаты:

АЛГЫ СӨЗ

Илим менен техниканын өсүшүнө жана турмуштук керектөөсүнө карата адам баласы жаратылыштан бардык каражаттарды өлчөмсүз эле алып жатат. Бирок, жаратылышты жакшыртуу, айлана-чөйрөнү тазартуу, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жагдайына жетерлик көңүл бурулбай жатат.

Кийинки жыйырма жыл ичинде биздин өлкөдө гана эмес, дүйнөлүк аймакта кыйрап-бүлүнүүлөр, бузулуп жок болуулар, адам чыдагыс булгануулардын болушу дүйнөлүк коомчулукту тынчсыздандырууда. Мунун башкы эле себеби жаратылыш менен адамдын ортосундагы тендештиктин бузулушунда. Бул экологиялык мийзам ченемдүүлүктү билбестикке алып келди. Ошондуктан мына ошол мийзам ченемдүүлүктү калктын калың катмарына жеткирип, терең түшүндүрүү керек. Ал экология илимине таандык.

Адамзат космосту өздөштүрүп алып, андан ары суу түбүндө бир нече айлап жүрө бербесин баары бир алар жашоосунун зарыл шартын түзө албайт, өзү жаратылыштын бир мүчөсү катарында кала берет. Жашоо үчүн аба, жылуулук, нымдуулук, дагы ушул сыяктуу толуп жаткан шарттар талап кылынат. Ансыз жашоо болбойт. Ар бир тирүү организм өзү жашап жаткан чөйрөгө ыңгайлашып алышы эчен миңдеген жылдар ичиндеги евалюциянын негизинде түзүлгөн. Мына ошол мийзам ченемдүү түзүлгөн шарттарынын бирөө эле өзгөрсө, анда бүтүндөй тирүү организмдин өзгөрүшүнө алып келет.

Айлана-чөйрөнүн сапаты дайыма илимдин, техниканын өрчүшүнө коомдук өсүштөргө, адамдардын жаратылышка жасаган мамилесине жараша болот. Мындан тышкары айлана-чөйрөнүн сапатынын негизги өзөгү (критерийи) катарында биологиялык топтолгон пайдалуулук популяциялардын түрлөрүнүн жана биомассаларынын оптималдык катышы, ошондой эле алардын ар түрдүү тропикалык деңгээлде болушунда.

Жогоруда белгиленген баяндамаларда бир топ илимий (экологиялык система, популяция, тропикалык деңгээл жана башка) терминдер айтылып кетти. Алардын ар биринин артында белгилүү экологиялык түшүнүктөр бар. Жаратылышты коргош жана анын ресурстарын туура пайдаланыш үчүн жаратылыштын түзүлүшүн, кандай мийзамдар менен өрчүшүн, адамзат коому менен байланышын канчалык булганыч, таштандыларга туруштук бере ала тургандыгын билүүбүз зарыл. Мына ушулардын бардыгы

экологиянын милдеттерине таандык.

Мына ошентип, экология илими организмдердин, же организмдердин топтору менен айлана-чөйрөнүн катнашын, байланышын, өз ара таасир этүүлөрүн үйрөтүүчү илим болуп саналат. Экология ушул кубулуштарды адамзаттын жашашынын кызыкчылыгы үчүн изилдегендиктен окумуштуулар бул илимди адамзат менен айлана-чөйрөнү үйрөтүүчү биргелешкен илим катары баалап жүрүшөт. Тактап айтканда, экология илими биргелешип тиричилик өткөрүп жаткан организмдердин түрдүү составын, биргелешип жашаган организмдер тобундагы ар кандай түрлөрүнүн популяцияларынын ортосундагы жана популяциялар менен жансыз жаратылыш факторлорунун өз ара катнаштарынын, ошол түрлөрдүн жаңы шартка ыңгайланышына жана биргелешип тиричилик өткөрүп жатышкан организмдердин өрчүшүнө жана орун алмашуусуна тийгизген таасирин изилдейт.

«Экология» деген термин 1869-жылы немец окумуштуусу биолог Эрнест Геккель тарабынан илимге сунуш кылынган. Ал гректин «Ойкос», «Логос» деген эки сөзүнөн алынган. Бизче «Ойкос»—үй, жашоочу жай, «Логос» —илим дегенди билдирет.

Э. Геккель менен англиялык окумуштуу Ч. Дарвиндин мезгили жалаң гана фактыларды топтоштуруу мезгили эле. Мындан тышкары жаратылышты изилдөөчүлөр өсүмдүктөр менен жаныбарлардын көп түрдүүлүгүн, алардын ар биринин жеке өзүнө тийиштүү касиеттерин үйрөнө башташкан. Мындайча айтканда, кайсыл жерде жашайт, качан кезигет, эмне менен тамактанышат, кимдерге, эмнелерге азык катары колдонулат, айлана-чөйрөнүн өзгөрүшүн кандайча кабыл алышат, ушул жагдайларда изилдөөлөр жүргүзүлөт. Ошентип, XIX кылымдын аяк ченинде бул көз караш кескин өзгөрдү да анын ордуна өсүмдүктөр менен жаныбарлардын тиричилигинин ортосунда тыгыз байланыш бар экендиги далилденди. Мына ушул далилдөөлөрдүн негизинде экология илими эки бөлүккө бөлүнгөн. Биринчи бөлүгү аутэкология, экинчиси синэкология. Аутэкология бир гана организмдин же, түрдүн жекече өзүнүн жүрүш-турушун, айлана-чөйрө менен болгон байланышын изилдесе, синэкология жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн өз ара байланыштарын, алардын айлана-чөйрө менен болгон катышыштарын, өз ара таасир этүүлөрүн комплекстүү түрдө үйрөтүүчү илим катары бааланат. Мисалы, токойду калыбына келтириш үчүн жалаң гана алардын өсүшүн билбестен, башка жаныбарлар, өсүмдүктөр менен болгон байланыштарын билүү керек.

Жогорудагы (аутэкология жана синэкология) көрсөтүлгөн экологиянын түрлөрүнөн башка дагы экология конкреттүү объектилердеги жана айлана-чөйрөлөрдөгү изилдөөлөргө жараша бө-

лүнөт. Мисалы, жаныбарлардын экологиясы, өсүмдүктөрдүн экологиясы, микро-организмдердин жана адам экологиясы делип бөлүнөт. Бирок, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, микробдорду сууда, топуракта, атмосферада, космостук мейкиндикте да изилдесе болот. Экологиялык изилдөөлөрдүн объектилери тропикалык, тундуралык жана башка зоналар, табигый, же адам тарабынан өзгөрүлгөн лантшафтар болушу мүмкүн. Азыркы мезгилде айлана-чөйрөнүн бузулушуна тиешелүү болгон экологиялык изилдөөлөрдүн тармактары тездик темпте өнүгүп жатат. Анын ичинен өзгөчө коом менен адамдын экологиясынын байланышы өрчүгөндөн өрчүдү. Ошентсе да адам экологиясы менен коомдук түйүндүү маселелердин чечилишиндеги өз ара аракеттерге жана жаратылыштын аралыктарына тендештик белгини коюуга болбойт. Мисалы, машина менен адамдын ортосундагы мамиле өтө татаал, көп кырдуу. Ошонун өзү эле адамга айлана-чөйрөнүн таасир этүүчү фактору болуп саналат.

Жаратылыштын мийзам ченемдерин билбей туруп андагы толуп жаткан өзгөрүүлөрдүн болуп өтүп жатышынын маанисин түшүнбөй туруп, органикалык дүйнө (биосфера) менен техникалык өсүштөрдүн ортосундагы байланыштарды сезе билбей туруп жаратылыш байлыктарын (ресурстарын) натыйжалуу пайдалана албайбыз, ансыз жаратылыштын бүлүнүп-бузулушун токтотуу мүмкүн эмес.

Владимир Ильич Ленин тышкы чөйрөнүн жана жаратылыштын мийзамы—адамзаттын эмгектенишинин негизин түзөт, деп эскерткен. Жаратылышты жырткычтык менен пайдалануу, анын мийзам ченемдүүлүктөрүн түшүнбөө азыркы мезгилде экологиялык кризистик абалдын пайда болушуна алып келди. Карл Маркс 1868-жылы 25-мартта Ф. Энгельске жазган катында: «...Эгерде маданият аң-сезим менен өрчүбөй өз алдынча башаламан өрчүсө анда өзүнөн кийин жансыз талааны, кумду гана калтырат» деп айткан. К. Маркс, Ф. Энгельс соч., т. з—, 45-бет). Ушул эле маселе боюнча Ф. Энгельс төмөндөгүдөй пикирин айткан: «Жаратылыштын үстүнөн болгон убактылуу жеңишибизге кубанбайлы. Ар бир жеңишибиз үчүн табият бизден жообун алат...»

Мына бүгүнкү күндө улуу ойчулдардын жогоруда айтылган философиялык көз караштары, акылман сөздөрү турмуш чындыгына дал келип айкын сезилүүдө. Бул үчүн жөнөкөй эле мисалдарды келтирели. Кезегинде завод-фабрикаларды куруп, автотранспорттордун жана башка техникалардын толуп жаткан түрлөрүн чыгарып алып аябай кубанганбыз. Аларды кайда, кандайча жайгаштырууну, кандайча пайдалануну эске албаганбыз. Эми табиятка оңуна келгис зыяндарды жаратып коюп, аны кан-

тип калыбына келтиришти билбей, табиятка жоон бере албай атабыз. Табиятка келтирген зыяныбыз — өзүбүздүн зыяныбыз экенин кечигип түшүндүк.

Экология жөнүндө маселе козгогонубузда жалаң гана тиричиликтин өзгөрүшү жөнүндө сөз болбостон тиричиликти сактап, кийинки муундарга калтыруу жөнүндө сөз болушу керек. Дүйнөлүк коомчулук тынчсызданып жаткандай экологиялык кыйроо (катастрофа) жакындап калгандай, адамзат тарыхта болбогон өрт-жалынга келе тургандай туюм пайда болууда. Ошондон улам жер шарында тиричилик, жашоо улатылабы, же жокпу деген суроо туулат. Коом менен табияттын ортосундагы байланышты, өз ара таасирлерди үйрөнүү, аларды жөнгө салуу, биосферанын тазалыгын сактоо, ал үчүн булганычтардын бардык түрү боюнча үзгүлтүксүз күрөшүп, аларды азайтуунун эң төмөнкү чегине жеткирүү талап кылынат. Табияттын мийзам ченеми мына ушунда.

Азыркы мезгилде адамзат эки миңинчи жылдын босогосунда турат. Бүгүнкү күндө маданияттуу жашоонун бийиктигине жеткен. Ошондой болгон соң өзүнүн мурдагы басып өткөн тарыхый жолун, алдыда турган келечегин даана түшүнүүгө тийиш. Илимий-техникалык жетишкендиктерге, маданияттуу жашоого маашырланып биологиялык бир түрү экенибизди унутуп койгондугубуз менен жаратылыш алдында айыптуубуз. Ошонун натыйжасында жаратылышты бүлүнтүп-бузуп, тиричилик, жашоо коркунучта калды.

Бир мисалды алсак, азыркы мезгилде жер шары боюнча бир жылда бир процент токой өсүмдүгү жок болууда. Ушул темпте бара берсе токойлор жүз жылдан кийин эмне болот? Ооба, тыптыйпыл болот да калат. Мындай мисалдарды кадам сайын келтирүүгө болот. Адамзаттын, жаныбарлардын, жердин ар кандай ар түрдүү уулуу химикаттар менен ууланышы, флора менен фаунанын азайышы, абанын булганышы, туура эмес курулуш долбоорлорунун түзүлүшү жана башкалар. Бул мисалдар экологиянын жөнөкөйлөштүрүлгөн гана түшүндүрмөсү боло алат. Ал эми экологиялык түшүнүктүн татаалдыгын алып карасак — ар кандай экологияның терс көрүнүштөрүнө акырындык менен тирүү организмдин көнүшү, ошондой эле жыл өткөн сайын булганган айлана-чөйрөнүн, кыйраган токойлордун, өсүмдүктөрдүн, кескин азайып бараткан жаныбарлардын абалына кайдыгерлик менен мамиле жасоо, дагы ушул сыяктуулар кирет. Кыйроо, бузулуу, жок болуу кимге болбосун түшүнүктүү. Өнөр жай бүгүнкүдөй өнүгө элек кезинде, же илгерки убактарда аба таза эмес беле. Азыр адамдар абанын таза, таза эмес экендигин сезбей эле калышты. Тоо арасындагы адамдардан шаарга келсе абанын бул-

ганычтуулугун баамдабайт, бирок организм дароо сезет, деми кыстыга түшөт. Ал эки-үч күн өткөндөн кийин деминин кыстыканы да сезилбей көнүгө түшөт. Мына экология илими аныктама берген табияттын өзгөрүштөрүнө болгон көнүгүнүн так мисалы.

Дүйнөдө атомдук согуштан кийинки орунга коюлуп, экологиялык маселелер дүйнөлүк түйүндүү маселеге айланып калды. Коом менен жаратылыштын ортосундагы маселе жана тең салмактуулук адамдын жаратылыштын үстүнөн ырайымсыз үстөмдүк кылуусунун натыйжасында пайда болду. Азыр ар биребиздин алдыбызда жаратылышка, айлана-чөйрөгө зыян тийгизбей жана өзүбүз да зыянга учурабай жер—эне менен кантип мамыражумур болуп, өмүрлөшүп жашап кетүү аргасын издеп, тынчсызданып жатабыз. Табигый чөйрөнү коргоо жана калыбына келтирүү боюнча жылдан-жылга дүйнөлүк кыймыл кеңири кулач жаюуда. Жыл сайын бул түйүндүү маселеге арналган дүйнөлүк республикалык, областтык, шаардык, райондук конференциялар жана симфозиумдардын уюштурулушу буга айкын күбө боло алат. Канчалык табият зыян тартса да табият өзү жалпы экологиялык кыйрап-бүлүнүүдөн сактанышка дагы эле мүмкүнчүлүк берип жатат. Күн өткөн сайын ошол мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып калуу кыйындыкка дуушарлануууда. Бул үчүн табиятка болгон мамилени жакшыртып, ага терең ой жүгүртө карап, өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүндө технологияны чечкиндүү өзгөртүү керек.

Мына ушундай табияттын орчундуу оор абалынын түзүлүп жатышынын себептерин билип, түшүнүп туруп бийлча эч нерсе болбостур деп тобокелге салып, уу-химикаттарды айыл чарба өндүрүшүндө туура пайдаланбай, керекпи, керек эмеспи, ага маани бербей ой келди жерге чачып жатпайбызбы. Капиталисттик айрым өнүккөн мамлекеттерде уу-химикаттарды өтө билгичтик менен чачып жатышат. Мисалга алсак Канадада бир гектар аянтка 5 килограмм чачса, бизде ошол эле аянтка 50 килограммдан чачылууда. Анан кантип кайран эне—жер биздин мындай кордугубузга чыдасын. Дагы бир мисалды пахта талаасынан алалы. Фергана өрөөнүндө кеми дегенде жүз жылдан бери уу-химикаттар, минералдык заттар колдонулуп келе жатат. Эгерде адамга жүз жыл эмес, он эле күнгө бир түрдүү тамак берип турса эмне болоор эле? Анда табити тартпай, алда кандай абалда калат болчу. Жерди деле өзүбүздөй көрүшүбүз керек. Ага ошончолук кылдат мамиле жасап, камкордук көрүүгө тийишпиз.

Биймырза ТОКТОРАЛИЕВ,
биология илимдеринин кандидаты.

ӨКМӨТТҮН КАМКОРДУКТАРЫ

Табиятты коргоо, анын ресурстарын үнөмдүү пайдалануунун маселеси В. И. Ленин тарабынан көтөрүлүп, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында иш чаралар түзүлгөн. Ири токой тилкелери, азайып бараткан жаныбарлар корукка алынган, жерден, суудан пайдалануу, суунун тазалыгын сактоо боюнча милдеттер коюлган. 1917-жылы Советтердин II съездинде В. И. Ленин жер боюнча декреттин текстин жазган. 1918-жылы «токой боюнча негизги закон», 1919-жылы РКП (б)нын VIII съездинде абанын, суунун, топурактын санитардык тазалыгын сактоо боюнча жаңы программа кабыл алынган. 1923-жылы Бүткүл Россиялык жаратылышты коргоо комитети түзүлгөн. Анын председателдигине профессор Н. М. Кулагин дайындалып, комитеттин мүчөлүгүнө ондон ашык окумуштуулар тартылган. Бул жаратылышты коргоодогу алгачкы комитет болуу менен эң зарыл, пайдалуу иштерди аткарган. 1941—1945-жылдардагы Ата-Мекендик согуш учурларында да жаратылышты коргоо иши мамлекеттик эң зарыл маселе катарында бааланып, көзөмөлдөөгө алынып турган.

СССР Министрлер Советинин илим жана техника боюнча комитети СССР илимдер Академиясы менен биргеликте 1973-жылы жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ведомстволор аралык илимий техникалык Совет түзүлгөн. Ал чет өлкөдөгү жана СССРдеги жаратылышты коргоонун, жаратылыш ресурстарын пайдалануунун абалына байкоо жүргүзүп, талдоо милдетин аткарат. Бул Совет Министерстволор, ведомстволор менен биргеликте жаратылышты коргоодогу түйүндүү маселелерди чечүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгып, айлана-чөйрөнү коргоо иштерин өркүндөтүүгө көп көңүл бурган. Ошондой эле суудагы, абадагы зыяндуу булганычтарды азайтуу жана жок кылуу сыяктуу маселелерди талкуулап турган. Ошентип жаратылыш ресурстарын коргоо партия менен өкмөттүн эчактан берки эле көзөмөлүндө турган маселе болгон. Азыркы мезгилде да көзөмөлдөө иши курч мүнөздө коюлуп жатат. Жаратылышты коргоо иши мурдатан эле негизги милдет катарында коюлуп дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруп келген. Буга учурдагы курчап турган чөйрө боюнча ООНдун Бразилиядагы бүткүл дүйнөлүк конференциясын өткөрүүгө карата даярдыктын көрүлүп жатышы айкын күбө боло алат. Ар бир өлкө жаратылышты коргоо багытында миллиондогон сомдук акча каражаттарын ажыратышууда. СССРде онунчу беш жылдыкта он бир

миллиард сом каралган болсо, он экинчи беш жылдыкта бул көрсөткүч бир канчага көбөйтүлгөн.

Өткөн 1989-жылдын декабрь айында «Өлкөнү экологиялык жактан жакшыртуунун кечиктирилгис чаралары жөнүндө «СССР Жогорку Советинин кабыл алган токтомунда табиятты коргоо, анын ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча орчундуу милдеттер белгиленген. Анда Советтер Союзундагы калкынын саны 50 миллиондон ашкан 103 шаардагы абадагы зыяндуу заттардын чектелген концентрациясы 10 эседен ашык көбөйгөндүгү көрсөтүлгөн. Жер алдындагы суулардын булгангандыгы, аны тезинен тазалоонун зарылдыгы белгиленген. Экологиялык жактан коркунучтуу объектилерди, айрым аймактарды, паспорттоштуруу, мамлекеттик экспертизанын көз каранды эместигин камсыз кылуу, СССРдин жана Союздук республикалардын дайыма жаңыртылып турчу карталарын түзүү, экологиялык газетаны уюштуруу, дагы ушул сыяктуу иш чаралардын белгилениши көрсөтүлгөн. Бул өкмөттүк зор камкордук. Ушул токтом толук ишке ашырылган кезде жаратылышты коргоо багытындагы иштин жүрүшүнө айкын, кеңири жол жол ачылат.

Республикабызда жана областыбызда да табиятты коргоо, анын ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча бир топ иштер жүргүзүлүп жатат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 1989-жылдын август айында болуп өткөн 9-сессиясында атайын экологиялык маселе талкууланып жаратылышты коргоодогу кемчиликтер сынга алынып, аны жоюнун олуттуу милдеттери белгиленген. Анда жаратылышты коргоонун мамлекеттик комитеттеринин кызматкерлери тарабынан өнөр жай объектилерин куруу жана жайгаштыруу боюнча долбоордун 160 экологиялык экспертизасын жүргүзүп, бул долбоорлордун 80 проценти акырына чейин чыгарылышы үчүн кайтарылып берилгендиги көрсөтүлдү. Мунун өзү дагы эле болсо республикабызда өнөр жай объектилерин курууну долбоорлоодо орчундуу кемчилдиктерге жол берилип, экологиялык талапка жетээрлик маани берилбей жаткандыгын мүнөздөйт.

Республикабыздагы ири область болгон Ош областында да жаратылыш ресурстарын пайдалануу, абанын жана суунун булганычтарын азайтуу жагдайларында бир топ иштер жүргүзүлүп жатат. Эл депутаттарынын областтык Советинин сессиясында «Жаратылышты коргоо, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жөнүндөгү» маселе талкууланган. Анда айрыкча айыл чарба өндүрүшүндө жерден, суудан пайдалануунун орчундуу кемчиликтери сынга алынган. Өнөр жай тармактарында абанын булганычтары азайтылган. Жаратылышты коргоо ишин мындан ары жакшыртуу боюнча комплекстүү экологиялык программа кабыл алынган. Программада негизинен төмөнкүдөй иш чаралар белгиленген:

— Эл депутаттарынын областтык Советинин аткаруу комитетинин көзөмөлдөөсүндө шаарларда, райондордо, мекеме-ишканаларда паспорттоштуруу аякталат.

— Эки миң бешинчи жылга чейин жылына 1200дөн үйгө табигый газ киргизилет.

— Шаарлардын, райондордун атмосфералык булганычтарын толук чагылдырган экологиялык карталар түзүлөт.

— 2005-жылга чейин Ош шаарынын негизги магистралдарында тролейбустар жүргүзүлөт. ук661

— Алай, Тогуз-Торо, Чаткал райондору электр жылыткычтарына өткөрүлөт.

— 2005-жылга чейин 290 миң гектар токой корук зонасына өткөрүлөт.

— Колхоз, совхоздордогу токойлор 1993-жылга чейин токой чарба башкармаларына берилет.

— Келечекте Киров атындагы, Кызыл-Үңкүр токой чарба базасында Арсланбаб улуттук паркы түзүлөт.

— Жер астындагы суулардан кудуктан чыгаруунун эсебинен 2005-жылга чейин 400000 гектар жайыт өздөштүрүлөт. Илимий аныктамасыз жайыттарга гербицит чачууга тыю салынат.

— 2005-жылга чейин эрозияга каршы комплекстик иш чараларды түзүү аяктайт. Ага 207 миллион сом жумшалат.

— Экологиялык тарбия өнүктүрүлүп, экологиялык лекциялардын тематикалык циклдери иштелип чыгылып, профессионалдык лекторлор даярдалат.

— Экологияны мектептерде сабакка киргизүү максатында илимий жактан негизделген окутуунун методикасы иштелип чыгылат.

Мына ушул областтын комплекстүү экологиялык программасында белгиленген иш чараларды толук аткаруу тийиштүү органдардын, ишкана-мекемелердин күндөлүк көзөмөлүндө болушу керек.

ТАБИЯТТЫ КОРГОО— МЕЗГИЛ ТАЛАБЫ

Түштүк Кыргызстандын аймагы кең, табияттык көрүнүштөрү ар түрдүү, кооз, климаты жагымдуу. Жалпы аянты 77,8 миң чарчы километрди түзөт. Фергана өрөөнүнүн бир тарабын кучагына алып, көк тиреген Памир тоолоруна чейинки аралыкта не деген кереметтүү көрүнүштөр жатпайт. Област суу ресурстарына өтө бай. Анын аймагын үч жүздөн ашык ири жана майда

дарыялар аралап өтөт. Эң ири дарыя болгон Нарынга, Үч-Коргон, Күрп-Сай, Токтогул, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай ГЭСтери курулган. Кыргыз журтчулугунун сыймыгы болгон Сарычелек, Бешарал коруктары, Арсланбаб жаңгак токою табиятка даңазалуу сулуулукту тартуулап турат. Дегинкисин алганыбызда ластттын тоолорунун этектеринде кооз көрүнүштөгү токойлор көп. Ал эми казылып алынуучу кендерди айтпа, сымап, сурьма, көмүр, нефти, алтын республикабыздын орошон байлыгын түзүп турат.

Жогорку аталган табияттын байлыктарына болгон мамилебиз кандай, аларды кандайча пайдаланып жатабыз. Кептин баары мына ушунда. Ырасын айтсак, көп жылдар бою табиятка маани бербегенбиз көңүл да буруп койбогонбуз. Акырында бул мамилебиз эмнеге алып келди. Оңойлук менен ордуна, калыбына келгис оор жоготууга, кыйрап-бүлүнүүлөргө дуушар болдук. Жашообуздун эң эле зарыл каражаттары болгон суу, абаны булгап ден соолугубузга сезилбей өтүп жаткан зыяндуу көрүнүштөрдүн шартын түздүк, анын курчоосунда калдык. Илимдин, техниканын жетишкендиктерине кубанып, ага маашырланып жүрө бердик. Жер кеңири дедик да пайдалануунун агротехникалык эрежесин буздук, коромжуга учураттык. Бир учурда дарыя бойлорунда чычкан аралап өтө алгыстай чытырман, түнт токой бар эмес беле. Ошондогу калың камыштуу табигый көлмөлөр жок го. Токойлордо тынбай сайрап, көңүл эргиткен түрдүү-түмөн канаттуу куштар, камыштуу көлмөлөрдөгү өрдөктөр, териси баалуу кемирүүчү жаныбарлар сейректеп баратат.

Эми кеч болсо да областтык табиятты коргоодогу комитеттердин түзүлүшү пайдалуу болду. Албетте жаңы баштылыштагы иштин уюштурулушунда кыйынчылыктар кездешти. Экологиялык багытта билими, жетиштүү даярдыгы бар кадрлардын жоктугу өкүндүрдү. Өзгөчө комитеттин председателинин орун басарларын илимпоздордон тандап алсак деген оюбузду ишке ашыра албай көпкө жүрдүк. Экологиялык олуттуу, талаштартыштуу маселелерди так, таамай, далилдүү, илимге негизделп чечүүдө илимпоздордун теориялык билими керек экен. Аны биз иш жүзүндө кездештирип жатабыз. Алибетте, илимпоздор жок эмес, бар. Бир жыл өткөн соң илимий даражасы бар кадрды орунбасарлыкка алууга араң жеттиштик. Кантсе да экологиялык билими бар кадрлар керек, ага комитет муктаж болуп жатат. Табиятты коргоодогу экологиялык маселелер татаал. Аны ар кандай эле кесиптик билимдеги адам ойдогудай чечип, максаттуу иш жүргүзүп кете албасы белгилүү.

Комитет түзүлгөн 1989-жылдын февраль айында председатели жана кадрлар бөлүмүнүн башчысы гана дайындалган. Ан-

дан бир ай өткөндө отузга жакын кызматкерди алдык. Башкача айтканда 1985-жылдан тартып иштеп турган аба жана суу тазалыгын сактоочу мамлекеттик инспекциянын кызматкерлери кошулду. Ошентип, токой чарба кызматкерлеринен, завод-фабрикадагы инженерлерден, биолог, географ мугалимдеринен, дагы ушул сыяктуу адистиги жагынан экологияга байланыштуу билими бар адамдардан кабыл алып, талап кылынган кадрларды толуктадык.

Комитет табиятты коргоодогу өз ишин учурдагы кайра куруу саясатына органикалык түрдө айкалыштырып саясий, экономикалык жана социалдык сферада пайдалуу кызмат өтөөгө багыттайт. Баарыга белгилүү болгондой табият адамга, анын жашоосуна кызмат кылат эмеспи. Бардык илим адамдын жашоодогу талабын, муктаждыгын, канааттандыруу максатында үзгүлтүксүз иштеп, ал үчүн керектөөнүн бардык түрүн табияттан алуунун пайдалуу жолун изилдеп жатат. Бирок, чечилбей жаткан экологиялык маселелерге жетерлик көңүл бурула элек. Илим аны өздөштүрүүгө эми гана кадам койду десек жаңылышпайбыз. Анткени, экология учурда коомчулуктун босогосун эми гана аттап, тереңдеп орун ала баштады. Ошондой болгон соң илимпоздордун алдында элдин жашоосуна, ден соолугуна пайдалуу боло турган олуттуу милдеттер турат. Алардын көңүлүнүн борбору экологиялык илимди өнүктүрүүгө, анын иш жүзүндөгү жаңы колдонмолорун өркүндөтүүгө бурулуусу керек. Бүгүнкү күндө табияттын байлыктарын пайдалануунун өзгөчө, жаңы, үнөмдүүлүк ыкмаларын, технологиясын иштеп чыгуу талап кылынып жатат. Айрыкча, табияттын эң керектүү дефициттик көрүнүштөрүн кыйрап бүлүнүүдөн сактап, алардын узак убакытка дейре кызмат өтөөсүн калыптандыруу илимдин жана жалпысынан алганда бүткүл коомчулуктун алдында турган эң зарыл, түйүндүү маселе болуп калды.

АЙЫЛ ЧАРБАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ТҮЙҮНДҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

Учурда айрыкча айыл чарба өндүрүшүндө түшүмдүүлүктү жогорулатуудагы химиялаштыруунун, мелорациялык жумуштардын табиятка зыяндуу таасирин тийгизбей тургандай жагдайларын колдонууга көбүрөөк көңүл бурулду. Миллиондогон каражаттарды чыгымдан, бирок, тийиштүү кайтарым албадык. Анын үстүнө бир катар учурларда экологиялык бир топ зыян келтирилди... Бир катар себептерден улам биз жерди тийиштүү түрдө баалабай калдык. Көп региондордо жердин асылдуулугу төмөндөп кетти.

Ырасында эле ошондой болуп жатат. Жер жашообуздун керектөөсүн канааттандыруучу негизги байлык. Аны өндүрүмдүү, турмушка шартташтырып пайдалана албай жатабыз. Биздин эсепте 335 миң гектар сугатка ыңгайлуу жер бар. Анын ичинен ушул кезде сугарылып жатканы 240 миң гектар. Демек, сугат аянттарын кеңейтүүнүн мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, сугат аянттарын көбөйтүүдө жер кыртышынын түзүлүшү эске алынууга тийиш. Асылдуулугу төмөн болгон жерлерден 100 гектар өздөштүргөнчө, кыртышы кара топуроктуу, борпоң жерлерден 50 гектар өздөштүрүү экономикалык жактан пайдалуу болору талашсыз эмеспи. Мисалга алсак, Төө-Моюн талаасын өздөштүргөнүбүзгө далай жыл болду. Ага адегенде пахта өстүрүп, жакшы түшүм ала албадык. Азырга чейин дыйканчылыктан канааттанды-рарлык киреше ала албай жатабыз. Төө-Моюнду өздөштүрүү үчүн канал чыгаруунун өзүндө эле миллиондогон сом акча кара-жаты сарпталган. Бүгүнкү күндө Төө-Моюн өрөөнүндөгү Пахтачы, Анар, Төө-Моюн совхоздору дыйканчылыкты өнүктүрө албай жатышат. Жер кыртышы кумдак келип суу көп сарпталат. Ооба, тез-тез сугарууну талап кылып, нымдуулук өтө төмөндөп кетет. Анар совхозу менен Пахтачы совхозу болсо пахтаны өстүрүүдөн баш тартып анар, жүзүм, тамеки, алма, дагы ушул сыяктуу сууну көп керектебей, чыгымды аз сарптай турган өсүмдүктөрдү өстүрүп жатышат. Ошентсе да аталган чарбалардын экономикалык абалы начар. Ушундай эле көрүнүш Бүргөндү совхозунда, Мында да түшүмдүүлүк төмөн бойдон калууда.

Жерден пайдалануудагы дагы бир орчундуу кемчиликтерибиз баарыга бергилүү болгондой кышкы, жайкы жайыттарды тилкелерге бөлүп пайдалануга маани бербей жаткандыгында. Бул туурасында көп жылдардан бери эле сөз козголуп, жогорку органдар тарабынан талап коюлуп келген. Бирок, ал талап ушул кезге чейин аткарыла элек. Себеби, мал чарбасында иштеп жаткан азаматтарыбыз жайытта атчан жүрүп мал багышат. Бир учурда таяк кармап, мал артынан ээрчий жүрүп, жайыттын өңүтүнө карай мал туягын жуушатып, кайтарып жүрүүчүлөр жок. Малдын алдын тосуп, имерип багуу деген ыкма жоюлуп кетти. Дегинкисин алганда адамдар жалкоосуна айланган. Айрыкча чабандар жайытты үнөмдөп, тилкеге бөлүп пайдаланса эң жакшы болмок. Алар койлор жайыттын чөбүн туягы менен эле тебелеп кыртышты бузуп жатышына кайдыгерлик кылышат. Дагы бир кемчилдик алардын журт которуп, конуш алмаштырып турбагандыгында. Бир айлап, эки айлап бир конушта туруп, мал баккандар бар. Бул абал конуштун айланасын какыратып, чаңын чыгарып, кыртышын бузат, кара гөң басып пайдасыз болушуна алып келет. Кыскасы малчы-чабандардын күндөлүк ишине көзөмөлчүлүктү күчөтүп, жайытты тилкеге бөлүп, алысындатып жедирүүнүн үстүндө үзгүлтүксүз иш алып баруубуз керек.

Жайыт туурасында айтыла турган дагы бир маанилүү маселе коомдук жана менчик малдардын жыл санап көбөйүшүнөн улам жайыт жетишпей тартыш болуп жатышында. Түштүк Кыргызстанда (үч миллион) 3 миллион 428 миң гектардан ашык жайыт бар. Ар гектар жайытка 5тен, күзүндөсү 7,5тен шарттуу мал туура келет. Бул нормадагыдан эки эсе ашык дегендикке жатат. Биз малдын санын эмес продуктуулугун, асыл-тукумдуулугун арттырууга жетээрлик көңүл бурбай жатабыз. Бул туурасында көп эле жолу какшанган сөздөр айтылат, бирок майнап чыкпайт. Анан менчик малдарга жайыт ажыратып берип, атайын дайындалган малчыга өткөрүп, ага мал ээсинен айлык акысын берип жалданма катарында бактыруу көп чарбаларда көңүлгө алынбай жатат. Бир учурда райондордо бул туурасында олуттуу маселе көтөрүлүп, менчик малга жайыт ажыратылып берилген. Кийинки жылдарда бул колдонмо алынып ташталды. Ошол мезгилдерде райондук Советтердин аткаруу комитеттери чечим чыгарган. Андагы чечим аткарылбай калды. Эми эмне болду? Калк каалашынча мал күтөт, жайытты ой-келди пайдаланышат. Аны көзөмөлдөгөн жетекчи жок. Эркинче жайылган мал жайытты туягы менен тебелеп, табигый чөптү коромжуга учуратып жер кыртышын бузуп жатат. Айрым райондордо саан уйларды жайлоого чыгарбай, колдон тоюттандырып багуу менен жайкы жайытты үнөмдөө жакшы натыйжаларды берүүдө. Ал үчүн тоют жетиштүү болушу керек. Өзгөчө жашыл тоюттун молчулугу саан уйларга пайдалуу болоору талашсыз. Мисалга алсак Ноокат районунун көпчүлүк чарбалары кийинки жылдарда саан уйларды жайлоого чыгарбай багууну уюштурушкан. Жашыл тоют үчүн «Сорго, рапыс» жана бедени өстүрүшөт. «Сорго менен рапыс» жаздагы алгачкы тоют катарында пайдаланылат. Мурдагы жайлоого чыгарылган учурларына караганда саан уйлардын ар биринин орточо күндөлүк сүтү бир-эки килограммга чейин көбөйгөн.

Жаңы-Жол районундагы Кызыл-Туу совхозу тыбыттуу ангор тукумундагы эчкилерди асырайт. Бул жаратылыш мыйзамына дал келбейт. Сары-Челек мамлекеттик корук жайына туташ. Көп эчкинин асыралышында эмес, алардын СССРдин Кызыл китебине түшкөн тюльпанга (жоогазын), дары чөптөргө зыян келтирип алардын жок болуп кете тургандай кортунучтуу абалын түзүп жатышында. Себеби туягы менен тамырын зыяндатып, суюлтуп кеткендиги айкын байкалууда. Буга

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 469591

көңүл бурбай коюуга акыбыз жок. Ансыз да жапайы алма, бүлдүркөн, жаңгак сыяктуу өсүмдүктөргө зыян келтирип жатат. Эл депутаттарынын областтык Советинин сессиясында бекитилген комплекттик экологиялык программага эчкилерди, Кызыл-Туу совхозунан алып, областтын башка ыңгайлуу райондоруна бөлүп берүү маселеси киргизилген. Бирок ал ушул кезге чейин иш жүзүнө ашпай жатат. Совхоздун жетекчилери эчкинин туягын тиктеп, анын көбөйүшүнө сыймыктанышат. Жүздөгөн жылдардын аралыгында пайда болгон табийгаттын кооздугунун, байлыгының бүлүнүп, жок болуп жатышы алардын оюна да келбейт. Эчки кажып, кууратып жаткан даректар, дары чөптөр алар үчүн пайдасыздай сезилет окшойт.

Биздин оюбузча эчкини шыбактуу, какыр талаалуу чарбаларда, таштак аянттарда багып өстүрүү пайдалуу болот. 1989-жылы Кыргызстан басмасынан чыккан Кутманов Осмондун авторлошкон «Кыргызстанда эчки чарбасын интенсивдештирүүнүн жолдору» деген көлөмдүү китебинде Кадамжай районундагы Бүргөндү совхозу мисал катары киргизилген. Совхоздо эчкинин саны көбөйүп, андан төлдүн жана жүндүн арбын алынышы белгиленген. «Совхоздун эчки чарбасы, — дейт ал китебинде,— өсүүнүн үстүндө. Авторлор эчкилер үчүн совхоздун жайыт шартының ыңгайлуулугун, ошол шартта жүндүн, төлдүн көп алынып жаткандыгын так мисалдар менен көрсөткөн. Бул жерде сугатчылар кыйын шартта иштешет. Эгерде демейдеги шартта жүгөрү 3—4 жолу сугарылса, айдоо жерлер өтө таштак болгондуктан аны 8—10 жолу сугаруу талап кылынат. Бул жерде 1 гектарды сугаруу үчүн сууну иш жүзүндө керектөө чыгымы нормасынан 2—3 эсеге ашып кетет».

Туура, совхоз 1973-жылы түзүлгөн. Андан бери 17 жыл өттү. Бирок, экономикалык кайтарымы жокко эсе деп айтарлык. Дыйканчылыкта жогоруда Кутманов Осмондун китебинде көрсөтүлгөндөй суунун көп талап кылынышы экономикалык зыянга алып келүүдө. Дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн буруп жаткан Арал деңизинин бүгүнкү тагдырына көмөк көрсөтүү жагдайында Бүргөндү совхозунун уюштурулушу андагы дыйканчылык кедерги болуп, аздыр-көптүр суу берүүнүн өлчөмүнүн азайышына таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан райондун жетекчилери, андагы адистер ой жүгүртө карап Бүргөндү совхозундагы дыйканчылыкта сууну аз керектеген өсүмдүктөрдү өстүрүүгө, мал чарбасын адистештирип, ал жерде эчкини көбөйтүүгө көңүл бурушса жакшы болоор эле. Кыскасы, кайсы райондо, кайсы чарбада болбосун эчкини өстүрүүдө жаратылышка зыяны тийбей тургандай аймакты тандап алуу керек.

Жерден пайдалануунун эрежелерин айрым учурларда одоно бузуп, өзүм билемдик кылып, ар кандай чарбалык ыкмада курулуштарды куруп жаткан учурлар кездешет. Айлана-чөйрө кандай, агын сууга, дарыяга, каналга жакынбы,. келечеги кандай болот, экологиялык зыяндуу таасири барбы же жокпу, ал жагдайлар эске алынбайт. Анан дагы адырлардагы чөп чабынды аянттарга, мал жайыттарына булдезор менен сүздүрүп, жол салдыра беришкен. Азыркы кезде алар жамгырга жуулуп, ангекке айлана баштаган. Албетте, жол салуу керек. Бирок табиятка зыяны тийбей тургандай шартын, жердин эрозияга учурашын эске алып терең ой жүгүртүү менен салынган жол келечектүү да, пайдалуу да болот го. Мындан ары жер кыртышынын бузулушуна, эрозияга учурашына сак болуубуз керек.

Биз көп жылдар бою геологдорго, алардын иштерине көңүл бурбаганбыз. Иши кылып кен изилдөө көздөгөн максатына жетсе болду дегенбиз. Ой келди жол салып, жер кыртышын бузуп жатканына маани бербегенбиз. Алар миңдеген, миллиондогон сомдук акча каражаттарын сарптап, жерге, айлана-чөйрөгө баа берген эмес. Табиятты коргоонун областтык комитети геологдордун ой келди жол салып, табиятка тийгизип жаткан зыяндуу көрүнүштөрүнө бөгөт койду. Мисалы алсак Улуу-Тоо кен чалгындоо партиясы Ноокат районундагы Салиева атындагы колхоздун аймагынан өз алдынчалык кылып, жерди бузуп жол салган, бир нече түп арча жок болгон, жайыт аянттары бузулган. Бул үчүн комитет тарабынан жазана салынып, келтирилген зыян чарбанын пайдасына төлөтүлгөн.

Айыл чарба өндүрүшүндө суу ресурстарын туура пайдаланып анын үнөмдүүлүгүнө жетишүүнүн бирден бир негизги шарты айыл чарба өндүрүшүндө ички сугат тармактарын тартипке келтирип, каналдарды бетондоштурууда. Мүмкүнчүлүк болсо негизги арыктарды да бетондоштурса жакшы болоор эле. Бул суунун пайдасыз жерге сиңип кетишине жол бербөөнүн маанилүү каражаты болмок. Жер кыртышынын кумайкы, таштак болушуна карап суу бөлүштүрүү керек. Областтык суу чарба башкармасы тарабынан райондорго, андан ары чарбаларга жалпы жер аянттарына карата суу бөлүштүрүлөт. Ал эми чарбаларда болсо бригадаларга лимит белгиленбейт. Кай бир учурда жер аянттары аларда эске алынбай суу ой келди бөлүштүрүлүп калат. Мүмкүнчүлүктү карап чыгып, ар бир бригадага жер шартына, андагы аянттарга карата, агротехникалык эрежеге ылайык такталган негизде, лимит белгилеп берүү суунун үнөмдөлүшүнө шарт түзөт.

Кыскасы, Арал деңизинин экологиялык абалына жардам

берүүдө мына ушундай резервдерден, мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланууга милдеттүү экендигибизди унутпайлы, ичкн сугат тармактарын тартипке келтирели. Көп чарбалар жер астындагы суулардан пайдаланып, кудуктарды каздырышкан. Область боюнча анын эсеби 1769дан ашкан. Бирок, кудуктар айрым учурларда иштебей туруп калат. Кудук сууларынан пайдалануу талаптагыдай болбой жатат. Бул жаратылыш ресурстарынын эң зарыл жана маанилүү каражаты. Ага маани берүүбүз керек. Жалпы алганда област жылына 4 миллиард куб километр суу пайдаланат. Бул билгенге суунун чоң ресурсу. Арал деңизине 50 куб. километр суу бериле турган болсо республикабыз 1989-жылдын 1-жарымына чейинкисин алганыбызда араң 15 куб километр суу берген.

Чынында эле биз буга чейин айыл чарбасында пландын, жана дагы милдеттенменин чегинен өтүүнү башкы максатка коюп, экологиялык жагдайды ойлоп да койгон эмеспиз. Учурдагы экологиялык маселе көтөрүлүп жаткан кезде кемчиликтерди кантип, кандайча оңдоо керектиги жөнүндө онтоткон ойдо калдык. Ооба, көндүм адаттан чыга албай баягы эле бойдонбуз. Айыл чарба өндүрүшүндө агротехникалык талапты эске албай, минералдык жер семирткичтерди талааларга өлчөмүнөн ашыкча чачып, продукциялардын сапатын бузуп, адамдын ден соолугуна зыян келтирип жатабыз. Ал туурасында эл арасында кеңири сөз козголуп өкүнүчтөр көп айтылат. Картошка, коон, дарбыз, помидор, дагы ушул сыяктуу жер жемиштер даамсыз, минералдык жер семирткичтерге чыланып калган деп айтаарлык. Адамдын организминин кубатсыздануышынын себепсичи да мына ошол жер семирткичтерди агротехникалык нормадан ашыкча колдонуп жаткандыгыбызда. Минералдык жер семирткичтердин ордун органикалык жер семирткичтер менен толуктап, аны дыйканчылыкта көбүрөөк колдонуу керек. Которуштуруп айдоо системасын өндүрүшкө толук киргизип, көп жылдар бою айдалып, кубаттуулугун начарлаткан жерлерди кысыр аңызга калтырып эс алдыруу зарыл. Бул байыртадан берки баба-дыйкандардын колдонмосу.

ТОКОЙ—ТАБИАТТЫН КӨРКҮ

Кыргыз журтчулугу Арсланбаб жемиш токою менен сыймыктанат. Ал ээлеген аянты боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат. Тоо аралап, жылгаларды бүт ээлеп, табияттын өзгөчөлөнгөн кооздугун тартуулап, аралаган адамдын көңүлүн сергитет. Бирок, анда өкүндүрө турган көрүнүштөр көп. Мындан 50 жыл мурдагысына салыштырганда анын жалпы аянты 38 про-

центке төмөндөп кеткен. Эмне үчүн мындай? Себеби, токойго камкордук көрүүнү эч ким ойго алган эмес. Совет бийлиги күчүнө кире баштап, калктын жашоосу жакшыра баштаганда каардуу согуш чыкты. Ачарчылык, апаат күндөр өкүм сүрдү. Согуш майдандагылардын өмүрүн, жеңишти тилеп, табиятты эстен чыгарып койдук. Душман жеңилип, тынчтык күндөр өкүм сүрө баштаганда да көңүл бурганыбыз жок. Ошентип, Арсланбап жаңгак жемиш токою калыбына келтире алгыс оор тагдырга таптапып калды. Ар кайсы жактан адамдар көчүп барып отурукташып алды. Алардын көпүчүлүгү токойду асыроо кызматына тартылбаган, андагы Киров атындагы айылдык Советте ушул кезде 1720 кожолук катталган. Жалпысынан Арсланбап илимий өндүрүштүк бирикмесиндегилерди эсепке алганда 3815 мүйүздүү ири мал, 2207 кой, 421 жылкы чарбалык китепке түшкөн. Ал эми жашырылып катталбай калгандары канча. Мунун өзү келечекте сыймыгыбыз болгон Арсланбап жемиш токоюнун кандай абалда кала тургандыгынын, кыйрап, бүлүнүп жок боло башташынын себепчиси болорунда талаш жок. Жыл өткөн сайын калктын саны өсөт, ошого жараша төрт түлүк мал дагы көбөйгөндөн көбөйө берет. Мындан тышкары туристтик база, пансионат, ондон ашык пионер лагерлери жайгашкан. Алардын ар биринде жайкы сезондо миңден адам эс алат. Лагерлердеги балдарга жума сайын келген ата-энелерди айтпа, өзүнчө бир зор топ. Канчалык тыю салып көзөмөлгө алба, алар токойго ууранып кирип андан дары чөптөрдү жулуп алышат. Малдын туягында тепселип, кыйма-чийме жол түшүп жатканы аз келгенсип, адамдардын аралап жер кыртышын бузуп жатканына кейийбиз.

— Токой чарбасын кошуп эсептегенде Моңол айылдык Советиндеги жашаган элдин менчигинде 3000 жандык 3000 бодо мал, миңден ашык жылкы бар. Зооветеринардык талап боюнча алганыбызда бул малдарды багыш үчүн 54 миң гектар жайыт керек.

Биздин оюубузча Арсланбаптын аймагында жашаган ар бир адам токойдун чыныгы күйөрманы болууга тийиш. Ансыз токой өнүкпөйт. Анын данегинен өсүп чыккан жаш көчөтөрдү сындырып, жулуп жаткандыктары туурасында аныктыктар бар. Арсланбап жаңгак токоюна мани берипбей жаткандыктын дагы бир негизгиси эс алуучуларга жолдомо берип, киргизүүдөгү ойлонулбаган уруксаттын берилишинде. Кызык. 1989-жылы эл депутаттарынын Базар-Коргон райондук Советинин аткаруу комитетинин чечими менен Андижан, Фергана шаарларынан, жакынкы райондордон эс алууга келген уюшулбаган туристтерге акча төлөтүп, жолдонмо кагаз берип киргизүүнүн тартиби ко-

юлган. Жолго тосмо коюлуп ага атайын адамдар дайындалган. Ал адамдар жолдонмонун акчасынын эсебин такташат. Акча төлөп жолдонмо алган адамдар токойду эркин гана аралап жүрө беришет. Аралаба деп ким айта алат. Айтчу болсо жолдоомосун көрсөтүп кол шилтеп басып кетет. Комитет бул жоосунсуз жолдонмонун берилишине тыю салды. Ошентип, ошондогу жүрүштүн акырында токойдун күйөрман адамдарынын ойпикирин укканыбызда, алар өздөрүнүн жыйынтыктуу создөрүн айтышты.

— Арсланбапка мамлекеттик жаңгак-жемиш токой коругу наамын берип, андагы байыртадан берки түнөк алып, жашап келе жаткан жаныбарларды коргоону мийзам тартибине киийрүү талап кылынат. Ансыз абал оңолбойт.

— Токой чарбаларынын базасында коомдук малды багууну, жеке менчик малды кармоону кескин кыскартуучу чечимкабыл алынууга тийиш.

— Пионер лагерлерин, пансионаттарды башка жакка көчүрүүнү да тезинен чечүү керек.

Жогоруда коюлган элдин талабы эске алынып, республиканын жаратылышты коргоо боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасы И. С. Мураталин, республиканын өндүрүштүк токой чарба бирикмесинин төрагасы Т. Мусуралиев, эл депутаттарынын Ош областтык Советинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, областтык агроөнөржай бирикмесинин төрагасы Н. И. Коньков, эл депутаттарынын Базар-Коргон райондук Советинин аткаруу комитетинин төрагасы З. Х. Хакимовдор катарында турган атайын комиссия түзүлүп Арсланбап жаңгак-жемиш токоюнун учурдагы абалы толук изилденди. Бардык жагдайларды, элдин суроо талаптарын эске алып, комиссия республиканын Министрлер Советине пионер лагерлерин, пансионаттарды областтын башка аймагына көчүрүү, мындан ары жаңыдан турак үй курууга тыю салуу, Арсланбапты табигый паркка айландыруу боюнча кезегинде сунуштарды койгон.

Бул маселе чечилүүгө тийиш. Мындан тышкары токой чарбасында иштебеген, ага тийешеси болбогон үй-бүлөөлөрдү Арсланбаптын төмөн жагына көчүрүп, 3 жерде жаңы айылды түзүү маселесин чечүү республиканын өкмөтүнө сунуш кылыган.

Жалпысынан алганыбызда областтын аймагындагы табигый токойлорду өнүктүрүү зарылдыгы элдин эңсеген максаты болуп калды. Арча, карагай, кайың сыяктуу баалуу өсүмдүктөр, дары чөптөр жок болуу коркунучунда турат. Мунун башкы себепчиси чарбалык малдын жыл сайын көбөйүшүндө. Комиссия бул жагдайды да эске алып, өндүрүүнүн жана аны мамлекетке сатуунун көлөмүн азайтпай туруп областта койдун санын 216 миң

башка кыскартуу сунуш да киргизлет. Бул маселер чечилсе табиятыбыз үчүн кубанарлык камкордук болоор эле.

Республикабызда 57 9миң гектар жаңгак-жемиш токойлору бар. Анын ичинен жалаң гана жаңгак токою 56 процентти түзөт. Бул түштүккө гана таандык. Так маалыматтар боюнча алганыбызды, жаңгак 28,3 гектарды, писта 23 миң гектарды, алма 14,6 миң гектарды түзөт. Жаратылыштын бул табигый жемиштерине камкордук көрүп, асыроо жумуштарын колго алган 11 токой чарбасы бар. Алар табигый шарт ыңгайлуу келген жылдары 1300 тоннадан ашык жаңгак, 2500 тоннадан ашык алма, 100 тоннага жакын писта, 300 тоннадан ашык алча жыйналып алынат. Жаратылыш берип жаткан бул байлыкты өнүктүрүүбүз гана керек. Ушул кезде жаңыдан олтургузулган жаш көчөттөр жалпы токойдун 16 гана процентин түзөт.

Жалпы токой аянттын эсепке алганыбызда 7367 гектарды түзөт. Өзгөчө арча, карагай, кайың сыяктуу токой өсүмдүктөрүнө көп жылдар бою көңүл бурулбай калгандыктан, алар азайып кеткен. Токой корукчулары да бул өсүмдүктөрдү корукка алуу ишин ырааттуу жүргүзө албай жатышат. Өзгөчө арча азайгандан азаюуда. Бүгүнкү күнгө чейин 240 миң гектарга жакын арча жок болгон. Алибетте арчанын бул алааматтуу жок болуу мезгили согуш жылдарына туш келген. Кийинки мезгилде арчага, аны коргоо ишине көбүрөөк көңүл бурула баштады. Ошентсе да арчага маани бербей уурданып кыйып жаткан адамдар бүлгүнгө учуратып жатат. Ошондуктан арча жыш өскөн жайларды корукка алуу талабы алдыда турат. Жетекчилер ойлонуулары керек.

Ушул кезде Ноокат районундагы Карагой участкасына Кыргыз-Ата жергиликтүү арча токой коругун түзүү боюнча райондук Советтин аткаруу комитетинин чечими чыгарылган. Бул колдоого ала турган, башка райондор үчүн үлгү боло турган табияттын пайдасына чечилген жагдай.

АБАНЫН БУЛГАНЫЧТАРЫ— ӨНӨР ЖАЙ ӨНДҮРҮШҮНДӨ

Адамдын ден соолугунун зарыл каражаты катары абанын тазалыгы негизги орунду ээлейт. Экологиялык маселе көтөрүлгөнгө чейин аба кантип, кандайча булганып жатканына көңүл бурган эмеспиз. Мунун кесепетинен завод-фабрикалардагы бөлүнүп чыккан газдарды, чаңдарды азайтуу, ал үчүн мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу, резервдерди таап аракетке келтирүү боюн-

ча иш алынып барылбай, көмүскөдө калып келген. Көпчүлүк өнөр жай ишканаларында чаң соргучтар, желдеткичтер, тазалоочу жабдуулар жетерлик коюлбай, коюлгандары жакшы иштебей калган. Айрымдары жараксыз болуп, иштен чыккан. Буу казандарынын жабдуулары жетишсиз болгон. Көмүрдүн жагылышын жакшыртып, андан бөлүнүп чыгуучу көмүр кычкыл газын азайтууну ойлоп да койгон эмеспиз. Комитет бул жагдайларга өзгөчө көңүл буруп жатат. Ошондой эле тазалыкты жактыртуу, жумушчулардын ден соолугуна пайдалуу шарттарды түзүү боюнча да иштиктүү чаралар көрүлүүдө. Завод-фабрикалардын, өнөр жай ишканалардын жетекчилери, инженер-техникалык кызматкерлери көндүм адатынан чыга албай, ар кандай газдардын жана чаңдардын бөлүнүп абага чыгышын азайтуунун үстүндө жемиштүү иштебей жатышат. Ушул кезге чейин айрым өнөр жай ишканаларында том ПДВ түзүлө элек.

Көп жаккан өнөр жай ишканаларында заводдордо көмүрдүн жагылышынан абага капкара түтүндүн бурганактап чыгышына жол берилбөө керек. Түтүн канчалык агарып чыкса, ошончолук көмүр кычкыл газынын абага бөлүнүп чыгышы азаят. Иш орундарында, көчөлөрдө. курулуш жайларында нефти продуктылары төгүлүп-чачылып жата берет. Аны биз этибарга албайбыз. Андан газдардын абага сезилбей бөлүнүп чыгып жатканына маани бербейбиз. Өзгөчө цехтердеги техникалардын жакшы, оң абалда иштебегендиги металдын чаңдарынын, көп бөлүнүп чыгышына алып келет. Өндүрүштү токтотпойлу дешет да, бузук техниканы иштете беришет.

Чынын айтсак зыяндуу таасирлер жашоо турмушубузда ого эле көп учурайт. Барыдан да завод-фабрикалардагы, өнөр жай ишканалардагы, автотранспорттордон бөлүнүп чыккан газдардын, чаңдардын жашообузга тийгизип жаткан зыяндуу таасирлери ойго аларлык. Областтардагы кайсы гана шаарлардын албайлы булганычтуу деп айтууга болот. Мисалга алсак Ош шаары союздагы ондогон абасы булганычтуу шаардын катарында турат. Шаар бир учурдагысындай эмес, өнөр жай өнүгүп, калктын саны көбөйгөн. Алсак пахтадан кездеме токуучу бирикме көлөмү, өндүрүшү боюнча ири ишкана болуп саналат. Анын өндүрүштүк аянты 44 гектардан ашат, 10 миңден ашык адам иштейт. Сегиз миң даанага жакын жип ийрүүчү кездеме токуучу, гүл басуучу дагы ушул сыяктуу техникалык жабдуулары бар. Мындагы экологиялык зыяндуу таасирлер хромдун, кремний карбидинин (пахта чаңы) коргошундун чаңынын, туз кислотасынын, аммиактын, формалиндегиддин газдарынын бөлүнүп чыгышы менен мүнөздөлөт. Дагы бир ири фабрика болгон жибек комбинатында эң негизги делип эсептелген 40тан ашык абаны

булгагыч булактары бар. Алардын ичинен техниканын иштешинен бөлүнүп чыккан металлдын чаңы, щелоч, күкүрттүү суутек, азот кычкылы, күкүрт кислотасы сыяктуу химикаттардын газдарынын бөлүнүп чыгышын өзгөчөлөнтүп атоого болот. Бирок, аталган бул химикаттардын газдары өтө аз санда, цехтеги гана абага бөлүнүп чыгат. Адамдын организмине болор-болбос гана таасирин тийгизет. Ошентсе да аларды азайтуу, жумушчулардын иш орундарында ыңгайлуу шартты түзүү талап кылынат.

Абанын булганыч газдарын бөлүп чыгаруучу өнөр жай ишканаларынын бир тобун мисалга алалы. Ош айылдык курулуш индустриясынын тажрыйбалык сыноочу заводу. Ал жылына 10 миң тоннадан ашык мазут сарптап, андан норма боюнча 86 тонна булганыч газды абага берет. Кыргыз нефти бирикмесине караштуу ишканаларда 526 абаны булгагыч булактары (источник) болуп, алар жылына 7355 тонна газдарды жана чаңдарды чыгарат. Ал эми Ош шаарын жылуулук менен камсыз кылуучу ТЭЦти алсак, анда бар болгону 3 кана түтүн чыгаруучу түтүктөн жыл ичинде 4160 тонна көмүр кычкыл газын, көмүрдүн чаңын чыгарып, абаны олуттуу булганычка учуратат. Биз көп учурда дүйнөгө белгилүү болгон Кадамжай сурьма комбинаты менен Хайдаркан сымап комбинаты туурасында ой бөлүшөбүз. Булардагы өндүрүштүк цехтерде адамдар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Бирок, булганыч газдар менен чаңдардын чыгышын азайтуу өндүрүштүк технологиясын жакшыртуу жагында жүргүзүлгөн иштер жетерлик эмес. Ошонун негизинде Кадамжай сурьма комбинаты 41 булактан 1024 тонна, Хайдаркан сымап комбинаты 40 булактан 1100 тонна абанын булганычын чыгарат.

Абаны булгагыч газдарды жана чаңдарды азайтуу үчүн баарыдан мурда чаңдарды кармап калуучу жана газдардын өлчөмүн төмөндөтүүчү каражаттарды кеңири колдонуу керек. Желдеткичтердин, филтирлердин иштерин жакшыртуу адамдардын эркин дем алып көңүлдүү иштешине шарт түзөт. Бул жагдайда жибек комбинатында бир топ маанилүү иштер жүргүзүлгөн. Токуучу жана ийрүүчү цехтердеги техникалардын оң абалда иштешине, тазалыктын сакталышына жетишүүнүн чаралары түзүлгөн. Кездемени боёчу жайларда боёктордун төгүлүп-чачылышына жол берилбейт. Абанын тазалыгын текшерип, аныктамаларды чыгаруу үчүн атайын лаборатория иштейт. Айланачөйрөнү булганычтардан коргоо бөлүмү түзүлгөн. Цехтердин тазалыгы, лабораториялык анализи ар айдын акырында жыйынтыкталат. Анда булгагыч газдар чаңдар нормативден ашып кеткен цехте чара көрүлүп, кошумча эмгек акы төлөнбөйт. Бул

адамдардын өндүрүшкө болгон мамилесинин жакшырышына, техникалардын өндүрүмдүү иштешине айкын көмөк көрсөтөт. Комбинатка барган адам эркин дем алып, абаны булгагыч газдарды сезбейт. Өзгөчө жай айларында комбинаттын айланасының жашылданышына, адам жүрүүчү аллеялардын асфальттанып, тазаланып турушуна, суу чачыратмаларынын иштешине ыраазылана карап, көңүл сергитет.

Ырасында адамдардын эс алуусуна, көңүлдүү иштешине шарт түзүү экологиялык пайдалуу каражат. Комбинатта эмгекти коргоо, санитардык тазалыкты сактоо, адамдын маданияттуу эс алуусуна, деп соолуктарынын чың болушуна көп көңүл бурулат. Алсак, ийрилген жипти калтекке түрүүчү цехте бир даана «ЗИЛ-900» маркасындагы чаң соргуч, механикалык цехте 3 даана, боёчу цехтин ремонттук мастерскоюна 2 даана коюлган. Ошондой эле «Циклон-Т4-640», «ПА-282» маркаларындагы чаң соргучтар ар бир чаң бөлүп чыгаруучу цехтерге коюлган. Ошентип, акыркы жылда комбинаттагы 7 чаң соргуч, 13 чаң соргучка көбөйтүлгөн.

Адам экологиясы адамдын ден соолугу, жашоосу үчүн шартташкан мааниде баяндалат. Башкача айтканда адамдын ооруга чалдыгышы, ызаланышы, кайгырышы дагы ушул сыяктуу көрүнүштөрү айлана-чөйрөнүн таасиринен улам пайда болоору белгилүү. Ошондуктан биз көбүнчө адамга, анын жашоосуна кызмат көрсөтүүнү табияттан бөлүп карооого болбой тургандыгын түшүнүүгө тийишпиз. Көп учурда завод-фабрикаларда, кайсы гана өнөр жай тармактарында болбосун адамдарга шарт түзүүнү, иш орундарынын ыңгайлуулугуна, көңүлдүү иштешине жетишүүнү жетекчилер эске албай коюшат. испор.ш

Ал эми тазалык туурасында сөз козгосок, бир литр химикат, же боёк, нефть каражаты төгүлүп калса ага маани бербей, назар салбай эч теке эмес деп басып кетебиз. Андан канчалык санда абаны булгагыч газдар сезилбей бөлүнүп чыгып жаткынына маани бербейбиз. Анан бир түп даректын, бир түп гүлдүн абаны тазалоого аз да болсо таасирин тийгизерин көңүлгө албай коёбуз. Көпчүлүк өнөр жай ишканаларынын айланасында ондогон метрлик бош аянттар чаңы чыгып жатат. Бул табиятка болгон кайдыгер мамиленин айкын күбөсү эмеспи.

Айрым өнөр жай ишканаларында иштетилген сууну тазалоого жетерлик көңүл бурулбай калат. Бул үчүн көп эле мисалдарды келтирүүгө болот. Алсак пахтадан кездеме токуучу комбинаттагы өндүрүштүк жумуштарга суткасына жүздөгөн куб суу сарпталат. Демек, жүздөгөн куб суу бууланып, агып чыгат. Аны тазалоодон өткөрүү экологиялык эң зарыл талап. Кыскасы, бир литр суу да тазаланбай дарыяга өтпөшү керек. Комитет тарабынан өнөр жай ишканаларынан чыккан сууну тазалануу боюнча бир канча жолу текшерүүлөр жүргүзүлдү.

Бул үчүн айрым так, маалыматтуу мисалдарды келтирели. Сузак районундагы областтык агропром тейлеген канаттуулар фабрикасы 36 сарайды кучагына алат. Алыстан караганда фабриканын жалпы көрүнүшү бараандуу көрүнөт. «Сырты жалтырак ичи калтырактын» дал өзү. Сарайды аралап өтүп бараткан адамдар кайсы жердеги ар кандай чуңкурларды көрүп зээни кейийт. Көмүргө чылангандай көрүнүштөгү чыла суулар чуңкурлардан өтүп, түз эле арыктагы сууга куюлат. Анын жагымсыз жытынан көңүл айныйт. Цехтердеги тооктор суу ичүүчү чөйчөктөрү иштебейт. Аларды жаңылары менен алмаштырып, эскисин ондоп коюуга көңүл бурулбай калган. 1200 куб булганыч сууну тазалоочу жайдын жабдуулары жараксыз, иштебей турат. Канаттуулар фабрикасынан чыккан, андан каналга өткөн булганыч суу адамдардын ден соолугу үчүн канчалык зыян келтирери айтылбаса да түшүнүктүү. Анткени, булганыч суу Кызыл-Сеңир каналына куюлуп, калк жашаган айылды аралап өтүүдө.

Мындан тышкары, Сузак райондук чарбалар аралык канаттуулар бирикмесиндеги сарайлар ар кайсы жерде, чачкын, жөнөкөй типте курулган. Кыркынчы жылдардагы жупуну сарайлардан айырмасы жок. Алардан чыккан көмүрдөй карарган чыла суулар дагы Кызыл-Сеңир каналына куюлат. Жогорудагы канаттуулар өстүрүлгөн фабриканын жана райондук канаттуулар бирикмесинин тийиштүү жетекчилерине жазана салынып, тазалоочу жабдууларды иштетүүнүн мөөнөтү белгиленди.

Дагы бир олуттуу булганыч Таш-Көмүр шаарындагы эт комбинатына таандык. Чынында комбинат кирешелүү, 1988-жылы 609 миң сомдук, 1989-жылы 610 миң сомдук таза киреше алган. Мунусу жакшы дечи, бирок мында тазалочу жабдуулар жакшы иштебейт. Андагы хлордоочу, тундуруучу жайлардан өткөн малдын каны, ичеги-карындык калдыктар кашкайган Нарын дарыясына куюлуп жатат. Жазаналар салынып, аны шаардык тазалоочу жайга кошуу жөнүндөгү сунуш эл депутаттары-

Областтардын аймагында жашаган адамдарды таза суу менен камсыз кылуу үчүн баарыдан мурда булганыч сууларды тазакоочу жабдууларды (сооруженияларды) куруу, эскилерин реконструкциялоо талап кылынат. Ушул кезде Жалал-Абад шаарында 35,0 миң куб булганыч сууну тазалоого ылайыкташтырылган жабдуулардын курулушу башталды. Ал 1990-жылдын аягына чейин бүткөрүлмөкчү. Жалал-Абад областа Оштон кийинки элее орунда турган ири шаар. Анда ондогон өнөр жай

ишканалары бар. Алардан канчалык өлчөмдө булганыч суу чыгаары белгилүү эмеспи. Ошого карабастан тазалоочу жабдуулардын жогорку кубаттуулукта иштешине, жаңы жабдууларды кудуруга бурулбай келген.

Экологиялык маселенин көтөрүлүшү мындай абалды жоюуга түрткү берди. Али алдыда Кара-Суу, Сүлүктү, Өзгөн, Майлы-Сай, Кара-Көл шаарларында, Гүлчө, Ноокат дагы ушул сыяктуу бир топ райондордун борборунда булганыч сууларды тазалоочу жабдууларды куруу керек. Экологиялык талап, шаарларда райондун борборлорунда тазалоочу жабдуулардын курулушун күтөт. Мындан тышкары Ош шаарындагы, Көк-Жаңгактагы, Шамалды-Сайдагы. Кочкор-Атадагы, Хайдаркандагы тазалоочу жабдууларды өркүндөтүп, аларга кошумча жабдууларды куруу зарыл. Анткени, мурдагы жабдуулар бөлүнүп чыгып жаткан булганыч суулардын көбөйгөндүгүнө байланыштуу талапка жооп бербей калды.

Буга Ош шаарындагы жабдуулардын учурдагы көрүнүшүн мисалга алалы. Атайын текшерүү жүргүзгөндө тундуруучу жайлардын жетишпегендигинен улам булганыч суулар толук тазаланбай Ак-Буура дарыясына саргычтанган түстө болуп, ага завод-фабрикалардан чыккан химикаттардын айрым түрлөрүнүн аз өлчөмдө калдык түрүндө өтүп жатканы аныкталды. Ушул аныктама боюнча комитет тарабынан сунуш кылынган талап боюнча эл депутаттарынын шаардык Совети тазалоочу жабдуулардын кошумча жаңы курулушун баштоого чечим кабыл алган. Бирок ал ишке ашпай жатат.

Ырасында экологиялык чечилбей жаткан маселелер ого эле көп. Бул бизден тынымсыз изденип иштөөнү талап кылып жатат. Ар бир жуманын дүйшөмбү күндөрү комитеттин башкаруу тобундагы кызматкерлеринин аткарып жаткан иштеринин жыйынтыгын чыгарып, ой-пикирлерди ортого салып, алдыңкы жумада кандайча иш алып баруу керектиги талкууланып, айкын милдеттер белгиленет. Ар бир айдын акырында райондордогу мамлекеттик инспекторлордун катышуусу менен кеңири маалымдуулукта бир айлык аткарылган экологиялык иштердин жыйынтыгы чыгарылат. Ушул учурда айрым адистик инспекторлордун экологиялык тартип бузгандарга жазана жана төлөмөр салууда иш аракеттер такталбай, мийзам ченемдүүлүгүнөн каталыктар кетирилип, чырдашуулар да учурап жаткандыгына көбүрөөк көңүл бурулуп, маселени тактап чечүүнүн ыкмалары кеңири айтылат. Мындай каталыктардын кетирилиши биринчиден инспектордун экологиялык билиминин жетишсиздигинен болсо, экинчиден экологиялык такталган эреженин, мийзам-ченемдин жоктугунда. Ошондуктан экология жаатындагы теориялык билимге сугарылган кадрлардын болушу зарыл талап болуп калды.

Учурда абанын булганышы күчөгөндөн күчөп жатат. Айрыкча автотранспорттор бөлүп чыгарган булганычтар орчундуу орунду ээлейт. Анткени, илимий болжолдуу аныктамада белгиленгендей бир автомашина жүргөн учурда 30 миң килограмм абаны керектеп, абага 700 килограмм көмүр кычкыл газын, 40 килограмм азот кычкылын, 230 килограмм күйбөй турган көмүрлүү суутекти (углеводород) бөлүп чыгарат. Буга чейин экологияга көңүл бурулбай, абанын булганычтарына маани берилбей келген себептүү областтардын айрым шаарларындагы автотранспорттук парктар шаардын дал ортосунда жайгашып калган. Мындан бир нече жыл мурда автотранспортторду шаардан четке чыгаруу боюнча эл депутаттарынын областтык Советинин аткаруу комитети тарабынан чечим кабыл алынган. Бирок, андагы чечим толук аткарыла элек.

Өнөр жай ишканаларында абага көмүр кычкыл газынын бөлүнүп чыгышын азайтуу үчүн баарыдан мурда көмүр жагылуучу мештердин технологиясын жакшыртып, механикалык кыймылдаткычтар менен иштөөчү көөрүктөрдү өркүндөтүү талап кылынат. Комитеттин текшерүүлөрүндө такталгандай айрым өнөр жай ишканаларындагы мештерден бургуйлап чыккан кара түтүн, анын абага бөлүп чыгарып жаткан көмүр кычкыл газынын көптүгү мындай турсун айлана-чөйрөгө түшкөн көмүрдүн чаңы кардын бетин карартып жиберет. Ушунун өзү эле шаарда жашаган адамдардын ден соолугуна канчалык таасир эткени айкын эмеспи.

Абанын булганычы туурасында кеңири сөз козгой турган болсок, шаарларда гана эмес айрым райондордун борборлорунда да өкүнөрлүк абал өкүм сүрүүдө. Мисал келтирели, Алай районунун борбору болгон Гүлчө айылы кыш айларында, тумандай түтүнгө капталып калат. Электр жылуулугуна өткөрүү боюнча облсоветтин чечими чыгарылып, ал аткарылбай жатат. Бул аткарылууга тийиш.

Областтардагы негизги өнөр жай ишканаларынын, завод-фабрикаларынын 1989-жылы түзүлгөн абага чыгара турган чектелген булганычтарынын нормативдери:

өнөр жай ишканаларынын аттары	на та ПДВ жана анын таасири	Булганычтар		булганыч-тарды чы-гаруу булак-тары
		сек/грамм	жылдыгы тонна эсебинде	
1. Ош куур заводу	1993-жылга эсептелген	76,03	159,398	51
2. Кызыл-Кыядагы тамеки ферментациялык заводу	1990-жылга эсептелген	0,463	5,856	34
3. Таш-Көмүрдөгү тамеки ферментациялык заводу	1993-жылга эсептелген	28,732	244,635	42
4. Октябрдын 50 жылдыгы атындагы пахтадан кездеме токуучу фабрика	1990-жылга эсептелген	1,642	334,978	36
5. ВЛКСМ атындагы өнөр-жайлык соода жибекчилик бирикмеси	1990-жылга эсептелген	3,127	67	38
6. Кызыл-Кыядагы «Алай» өндүрүштүк бут кийим фабрикасы	1990-жылга эсептелген	1,442	13,882	120
7. Ош нан иштеп чыгаруучу комбинат	1981-жылга эсептелген	0,135	3,432	40
8. Завод ЖБИ-20	1993-жылга эсептелген	4,641	16,966	39
9. Кыргыз нефть	1990-жылга эсептелген	230,106	7 355,155	526
10. Хайдаркан сымап комбинаты	1995-жылга эсептелген	56,41	1100,465	40
11. Кадамжай сурьма комбинаты	1993-жылга эсептелген	56,179	1023,83	41

Областта бардыгы болуп 202 өнөр жай ишканалары иштейт. Анын ичинен ушул кезде 44төн ашыгында зыяндуу булганычтарды чыгаруунун чектелген нормативдеринин томниктери түзүлгөн. 1990—1991-жылга 158 өнөр жай ишканасы булганычтардын чыгарылышынын чектелген нормативдеринин томниктерин иштеп чыгуусу керек. Өзгөчө белгилей тургандары Түштүк өндүрүштүк автотранспорттук бирикмеси, мамлекеттик агро-өнөржай башкармасы, көмүр өнөр жай бирикмеси мамлекеттик нефти комитети да ушул сыяктуу бир топ өнөр жай тармактарында булганычтардын чектелген нормативдерин иштеп чыгууга маани берилбей жатат.

Кыскасы, кайсы гана өнөр жай ишканасы болбосун абага бөлүп чыгаруучу газдардын нормативдерин милдеттүү түрдө иштеп чыгуулары зарыл. Бул ишкананын негизги мийзамдык документи болуп саналат.

ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ ЖАРАТЫЛЫШТЫН КӨРКҮ

Өсүмдүктөр жаратылыштын кайталангыс көркү болгон сыяктуу эле жаныбарлар дүйнөсү да жаратылышка өзгөчөлөнгөн көрк кошуп турат. Мындан элүү эле жыл мурдагы көрүнүштөрүнөн сөз козгосок бүгүнкү жаш муундарга жомоктогудай туюлуп, кайдагы бир жок нерсени айтып жаткансып ишенишпейт. Ошол мезгилдин күбөсү болгон улуу муундагылар андагы ажайып дүйнөнү көз алдына элестете калышып аябай өкүнүшөт. Тоо өтөктөрүндөгү аттын омуроосуна көтөрүлө өскөн жапжашыл чөптөр дарыя боюндагы чычкан аралагыстай жыш, түнт токойлор суюлуп кеткен. Бул токойлор айрым жерлерде жокко эсе болуп калган. Баягыдагы бой тирешип өскөн четин, ыргай, кайың, арча, карагай дегениң да дээрлик суюлуп жок боло баштаган. Бах, ошондогу сайроочу чымчыктардын, булбулдун, күкүктүн көңүл эргиткен үндөрү ай десе, не деген керемет. Азыр алар да жокко эсе болуп, токойлор жымжырттыктын кучагында. Ар түрдүү жаныбарлар да көп болоор эле. Ошол жаныбарлар, канаттуу куштар менен токойлор көркүнө чыгып туруучу. Ким болбосун ой жүгүртө калып, кана баягы токойлор, жан дүйнөңдү элжиреткен канаттуулар, түн жарчысы болгон үкү, сүтак, аюу, жолборс, илбирс дегениң кайдадыр житип кеткенсип жок го деп өз алдынча кайгырып алаары талашсыз.

Деги эле инсанмын дегендин тынчын алып, өксүтүп жаткан жаныбарлардын азайып бара жатышынын, айрым жерлерде таптакыр жок болуп кетишинин себепчиси эле өзүбүзбүз. Өсүм-

дүктөр менен жаныбарлардын жашоо-тиричилиги бири-бирине тыгыз байланыштуу эмеспи. Биз токойду кыйып, кыйратып жок кылдык. Бир кезде мылтык дегенди магазинден сатып алып, адамдар жаныбарларга аңчылык кылууга көбүрөөк берилип кеткен. Ага көз салып, тескеп турууга да маани берилбей калган. Ошондон улам жаратылыштын бул байлыктарын орду толгус абалга дуушарлантып алып өкүнүп жатпайбызбы.

Экологиялык түйүндүү маселелердин арбын болушу, аны чечүүнүн зарылдыгы союзда, республикада, андан ары областта жаратылышты коргоо комитетинин түзүлүшүнө алып келди. Ал жаратылыштын көркү болгон ажайып дүйнөнү сактап калуу кызматын өзүнө алды. Алгачкы эле жылы пайдалуу натыйжаларды жарата баштады. Өзгөчө абанын тазалыгын сактоо ишинде арымдуу бурулуштарды жасады. Областтык жаратылышты коргоо комитетин эле ала турган болсок өнөр жай тармактарында иштетүүдөн чыккан сууну тазалоочу жабдуулардын иштешин жакшыртуу, цехтердеги чаң соргучтарды көбөйтүү, абаны булгагыч газдардын бөлүнүп чыгышын азайтуу жагдайында көзөмөлдүк, тескөөчүлүк иштерин күчөтүшүүдө.

Комитеттердин ачылышы жаныбарлар дүйнөсүн корукка алууда пайдалуу көмөктөштүгүн көрсөтүп жатат. Ошентсе да көбүн эсе элге таянабыз. Көптүн көзү көрөгөч делип бекеринен айтылбайт эмеспи. Мурдагыга караганда жаныбарларды көзөмөлдөөчү инспекторлордун саны көбөйдү. Анткени, ар бир райондо бирден комитеттин инспекторлору бар. Алар дан тышкары коомдук башталышта иштеп жаткан инспекторлору да кызмат көрсөтүшөт.

Адамдардын бардыгы эле жаратылыштын күйөрманы боло беришпейт эмеспи. Жаратылыштын сезилбей бүлүнүп жок болуп жаткан көрүнүштөрүн эске алышпайт, ал туурасында ойлоп да коюшпаган кара ниет адамдар бар. Алар өз кызыкчылыгын гана көздөп, жаныбарларга аңчылык кылуунун эрежесин бузушат. Ата беребиз, азайганда тукум курут болуп кетмек беле дешип кенебестик кылышат. Уруктанып көбөйүү мезгилинде аңчылык кылып колго түшкөндөр, арбын кездешет.

Жаныбарлардын кайсы гана түрү болбосун, кандай шартта, кайсы жерде жашабасын, деги эң эле майдасы дегенде жер бетине чейин алсак баарынын өзүнө таандык жаратылышта орду бар. Биз жаныбарларды мунусу пайдалуу, тигинниси зыяндуу деп ылгап мамиле жасоого акыбыз жок.

Кыргыз жергесинде түштүк бөтөнчө орунду ээлейт. Анткени, жаныбарлар дүйнөсүнө бай. Сүт эмүүчүлөрдүн 70тен ашык, канаттуулардын 300дөн ашуун түрү жашайт. Булардын ичинен өтө азайып кызыл китепке түшкөндөрү: илбирс, аюу,

мөнзбр суур, марал, сүлөсүн, кундуз, канаттуулардын аккунас, куркулдак, аккуу, тоо казы, бүркүт,ителги, тоодак, каркыра, кылкуйрук. Булардын азайып кетишинин негизги эле себеби жашоо шартынын өзгөрүп, жей турган азыктарынын жокко эсе болуп, ошонун натыйжасында ач калып, өлүмгө учурап жатышында. Анан дагы аңчылык кылган адамдардын көбөйүшү, алардын жогоруда айтып өткөндөй качан, кайсы убакта аңчылык кылуу керектигин эске албай жатышкандыгында.

Жаныбарлардын азыктануусунан мисал келтирели. Аюу, илбирс, сүлөөсүн, жолборс сыяктуу жаныбарлар эт менен тамактанышат. Негизинен алганда коёнду, эликти, суурду, дагы ушул сыяктуу жаныбарларга аңчылык кылышат. Бул жаныбарлар бир учурдагысындай эмес, кескин азайып кеткен. Мындан тышкары мылтык үнүн укkан, чала-чарпып ок тийип, жарадарланып анан сакайган жаныбарлар тоолордун ак мөңгүлүү бийиктигинен төмөн түшпөй, кыш оор болуп, кар улуу түшкөн жылдарда өлүмгө учурап, азайып кеткен деп да айтып жүрүшөт. Көптү баштан кечирген карыялардын айткандарында, аңдоолорунда талаш жок. Мындан тышкары кайберендердин жайыты азайды, төлдөгөн учурларында балдарын жакшы тоюнта албай жатышат.

Ырасын айтуу керек. Биз узак жылдар бою жапайы жаныбарларга анча маани бербей койдук. Мергенчилик боюнча иш алып барып жаткан өзүбүз да жогортодон берилген тапшырманы аткарып жүрө бердик. Анын үстүнө жергиликтүү бийлик органдары көңүл бурбай коюп, колхоздор менен совхоздордун малын бийик тоолуу жайыттарга, мөңгү жаткан жерлерге чейин жайып, кайберендердин кышкы тоюту калбай калып жатат. Планды куудук, жаратылыш мындай турсун, адам менен да ишибиз болбой калды. Ой-пикирибиз эле коомдук малда болуп, аны көбөйтүүнүн аракетин көздөп калдык. Оюубузду ачык айта албай бүжүрөп жүрө бердик. Мунун кесепети баарынан мурда жаратылышка, ошонун ичинде жаныбарларга олуттуу зыянын тийгизди. Кезегинде айрым пайдалуу жаныбарлардын азайып бара жатканын, анын себебин айтып даттанган учурубуз болгон. Бирок., тийиштүү жетекчилер укпай коюшкан. Бир мисал келтирели. Чаткал районунда кызыл китепке түшкөн мөнзбр суур, илбирс, аюу, сүлөөсүн бар. Алар жашаган аймакка «Беш-Арал» деп аталган мамлекеттик корук уюшулган. Эл депутаттарынын областтык Совети бул корук жайга малдын жайылышына тыю салып, атайын чечим кабыл алган. Ошондой эле чечимде мурда курулуп иштеп жаткан ооруканаңы башка жакка көчүрүү белгиленген. Андагы кабыл алынган чечим ушул кезге чейин толук аткарылбай жатат. Малды жайып асыроо иши

дагы эле толук токтогон жок. Жогоруда айтылып өткөндөй бул токой жаныбарларына зыяндуу таасирин тийгизип жатат.

Ушул кезде малчылар токойго жакын жайгашып алып малды токой ичине жайып жиберишкен аныктыктар кездешет. Колго түшкөн учурларында малчылар убаданы беришет. Пендебиз да, убада тез эле унутулат. **Бул кезде мал жайылбаган тоо ара**сы калбады. Ак мөңгү жаткан тоо чокуларына чейин жайылып оттоп жатканы өкүнөрлүк. Табиятты коргоо комитети буга кийлигишип, биздин сунушубузду колдосо кайберендер жайлап, **кыштап жашаган тоо арасына малдын жайылышына тыюу са**лынса жакшы болоор эле.

Дагы бир орчундуу маселе малчылар мылтыктарын ой келди пайдаланып жатышат. Алибетте бардыгы деп айта албайбыз. Айрым малчылар ууранын аңчылык кылышат. Тыю салган жаныбарларды атышат. Кайберендерди болсо көбөйүү мезгилинде да уруксатсыз атышат. Кармалган кезде жазана салып, жанывбарлардын пайда-зыяны туурасында айтып түшүндүрөбүз. Арамза адамдар айтканга көнчүүдөй эмес. Биздин оюбузча мылтыктарды малчыларга берүүнү чектеп, кайсыл убакта, кандай шарта берүү керектигин чечүү керек. Жаратылышты коргоо маселеси көтөрүлүп жаткан кезде граждандардын мылтыктан пайдалануунун жаңы, бүгүнкү шартка ылайыкташкан жобосун иштеп чыкса деген ойдобуз.

Албетте малды багыш керек. Мал калктын азык-түлүккө болгон талабын канааттандырат эмеспи. Ошентсе да малды багуунун өз ченеми, мийзамы бар. Кептин түйүнү малды багуунун маанилүү жагдайларын билгичтик менен пайдаланууда турат. Алсак жайыттарды тилкелерге бөлүп, алысындатып пайдалануу ыкмасы туурасында какшанган сөздөр көп айтылат. Бирок., ал иш жүзүнө ашпай жатат. Илгери мал аз эле, жайыт да кеңири болчу. Ал кезде чабандар колуна таяк алып, койдун алдын тосуп, имерип кайтаруу ыкмасын колдонушчу. Азыркы койчулар атчан жүрүшөт. Койдун алдын тосуу мындай турсун тобокелге салып жылганын ичине жайып жиберип улак чаап, оюнга кетип калышат. Кой жаныбар эркинче жайылып, оттоп жайыттын чөбүн туягы менен эле тебелеп жок кылат. Мал көп, жайыт тар дешет. Жайыттын коромжусу туурасында ойлоп да коюшпайт. Ал эми чарба жетекчилери болсо малчылардын күндөлүк ишин көзөмөлгө алууну такай жүргүзүшпөйт. Мылтыкты кандай пайдаланат, жайыт эмне болуп жатат деген ой, ага көңүл буруу унутта калган. Улам өр тартып, конуш алмаштырып жүрүп олтурушат да ак мөңгү жаткан тоо боорунан жай алышат. Саратанда салкын жерде чатыр тигип жашоо аларга жагат эмеспи. Кой жаныбарга ого бетер жагат. Кайберендер болсо адам жа-

шаган жерден алыстап тоо чокуларындагы быткылдарда термелеп оттоп жан багышат. Күз акырында, малчылар кыштоого **төмөн түшүшөт. Жайытта жарытарлык** чөп жок. Кайберендер кышта тоюттан өксүп кыйналышат. Өлүмгө учурайт. Шарт болбогон соң жашоо кыйын да. Кайберендердин учурдагы жайыттык абалына маани берип, алардын көбөйүшүнө шарт түзүүбүз керек. Аюу, жолборс, илбирс, сүлөөсүндөрдүн көбөйүшү да кайберендерге байланыштуу.

Кызыл китепке түшкөн жаныбарлардын жашаган аймактарын атасак болот. Аюу Токтогул, Чаткал, Жаңы-Жол, Базар-Коргон, Сузак райондорунун токойлорунда жашайт. Ал эми Өзгөн, Совет, Алай райондорунун тоолорунун арасындагы арчалуу, карагайлуу токой тилкелеринде аз санда кездешет. Илбирс, Алай, Фрунзе, Лейлек, Баткен райондорун чектеп өткөн Алай кырка тоолорунда, Токтогул районунун тоолорунда жашайт. Марал болсо бир учурларда Ош областынын тоолуу райондорунда **көп эле кездеше турган. Азыр Сары-Челек мамлекеттик** коругунда гана калды. Себеби шарты өзгөрүп, жайыты жок болуп **кетти. Кундуз мурдатан эле сейрек кездешчү. Бул** жаныбар тоо арасындагы кашкайган тунук сууларда жашайт. Ал өтө назик жаныбар. Кийинки кездерде сууну булганычы күчөп кетти, баалуу азыгы болгон балыктар азайды. Ошого байланыштуу өтө сейрек кездеше турган болуп калды.

Биз канаттуулар туурасында сөз козгосок ойго ала турган маселелер көп. Бул кезде эң көп кездешчүү кекиликтер, чилдер, уларлар азайып кетти. Айрым жылдардагы кардын калың түшүшүнөн улам азайды деп да айтып жүрөбүз. Бул азайышынын негизги себеби боло албайт. Күнөөнүн орчундуусу өзүбүздө. Кийинки жылдарда табигый чөптү өстүрөбүз деп минералдык жер семирткичти, пайдасыз отоо чөптү жоготобуз деп гербицитти чачып канаттууларга орчундуу зыян келтирдик. Адистер аны кайсы убакта, кандай шартта, кайсы жерге чачууну эске алышпай койду. Мындан тышкары алардын шартынын кескин өзгөрүп жатышы азайып кетишине себепкер болууда. Жаныбарлар сыяктуу эле буларда да азык заттар тартыш болуп калды. Алсак аккууну биз өткүн учурунда гана көрүп калабыз. Каркыра, турналар туурасында да ушунун эле өзүн айтууга болот. Себеп эмнеде? Бизде суу сактагычтар көп го, алар жашашынын шартын түзбөйбү? Жок, түзбөй жатат. Анткени, суу сактагычтарда суунун көлөмү бир калыпта турбай жатат. Айыл чарбасында сугат жумуштары башталганда алардагы топтолгон суу толугу менен дыйканчылыкка алынып балыктар, анын майда чабактары суу толкуну менен сүрүлүп агып кетүүдө. Бул абал аккуу, турна, каркыра үчүн азыктык шарттын өзгөрүшүнө алып келүү-

дө. Айрым суу сактагычтарда суу ыксыз эле булганып жатат. Эс алууга чыккан адамдар жуунуп, сергип, эс алуунун маданишттуулугун бузушат. Ар кандай таштандыларды сууга ыргытышат. Ошентип, топтолгон суунун толук айыл чарбасына алынышы, адамдар тарабынан булганышы сууда сүзүүчү канаттуулардын жумурткалап көбөйүшүнө тоскоолдук кылууда. Биз тараптан суу сактагычтарда балыктардын көбөйүшүнө шарт түзүп, топтолгон суунун белгилүү өлчөмүн калтыруу маселеси республиканын жогорку органдарына коюлуп, тийиштүү көрсөтмөлөр берилген. Демек, мындан ары жогоруда аталган канаттууларга да жашоо шарты түзүлүп калат деген ишенимдебиз.

Бүркүт, ителги сыяктуу эт менен тамактанган канаттуулардын азайып кетиши болсо кекилик, чил, бактек сыяктуулардын азайып кетишине байланыштуу болду деп айкын белгилей алабыз. Баса, сайроочу чымчыктар да дээрлик азайып кетти. Мунун негизги эле себеби айыл чарба өндүрүшүн туура уюштурбай, жерден, жайыттан пайдалануу мыйзам ченеми менен жүргүзбөй жаткандыгыбызда. Баарыга белгилүү бул канаттуулар бадал өсүмдүктөрү кеңири өскөн талааларда, тоо өтөктөрүндө жашап, жумурткалап көбөйүшөт. Азыр бул аянттарда жайкысын жүздөп, түмөндөп мал жайылат. Мал деген мал да, канаттуулардын уясын бузат, балапандарын тебелеп өлтүрөт. Эгин талааларында бытпылдык атып сайраган бөдөнөнүн үнү өчтү. Алар чанда гана кездешип жатат. Арга кайда, аларды кантип, кандайча көбөйтөбүз? Оюбузду ортого салсак, облласттарыбыздын райондорунун жетекчилери, чарбалардын жетекчилери өзгөчө кекилик, чил, бөдөнө сыяктуу пайдалуу канаттуулар көп жашаган жылга-жыбытчаларды карап чыгып, ал жерлерди эки айга — канаттуулар жумурткалап, балапан чыгарып учурганга чейин корукка алса жакшы болоор эле. Аларды көбөйтүүнүн бирден бир ыңгайлуу шарты мына ушунда.

Мурдатан бери жаныбарлар дүйнөсүн коргоодо жана аны өнүктүрүүдө арзый тургандай камкордуктар көрүп келе жатат. 1985-жылы республиканын аймагындагы айрым жаныбарлардын азайып кетишинин себептери эске алынып, алар кызыл китепке түшүрүлгөн. Республиканын бул кызыл китебиндеги сүт эмүүчүлөрдүн 13 түрү, канаттуулардын 20 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 3 түрү, балыктардын бир түрү (түркстан жаян балыгы) көрсөтүлгөн. 1988-жылдын 7-январында СССР Министрлер Совети СССРде жаратылышты түп-тамырынан кайра куруу, жаратылыш ресурстарын пайдалануну жакшыртуу жөнүндөгү» кабыл алган токтомунда жаныбарлардын азайып бараткан түрлөрү жашаган жерлерде корук жайларды уюштуруу, ал жаныбарлардын көбөйүшүнүн зарыл шарттарын түзүү баса көрсө-

түлгөн. Мындан тышкары эл депутаттарынын областтык Советинин 8-июль 1989-жылдагы сессиясында областта жаратылышты коргоону жана жаратылыш ресурстарын пайдалануну жакшыртуу боюнча 2005-жылга чейинки комплекстүү программа кабыл алынган. Анда жаныбарларды коргоо иши өзүнчө бөлүк болуп кирген. Бул бөлүмдө жаныбарлардын корук жайларын көбөйтүү чаралары белгиленген. Мисалга алсак 1991-жылы Совет районунда «Кулун» мамлекеттик коругу, 1992-жылы Лейлек районунда «Арка» мамлекеттик коругу, Өзгөн районундагы Кара-Дарыянын боюнда «Досмат» мамлекеттик коругу, 1990-жылы Ноокат районунда «Кыргыз-Ата» улуттук паркы уюшулмакчы. Жалпылап алганыбызда 2005-жылга чейинки түзүлө турган корук-тардын аянты 155 миң гектарга жеткирилмекчи. Бирок, бул ишке ашпай жатат.

Ушул кезде областын аймагында аянты 24 миң гектарды түзгөн Сары-Челек, 109 миң гектар аянтты ээлеген «Беш-арал» мамлекеттик коруктары бар. Мындан тышкары Ак-Буура, Сандалаш, Жасы, Каначуу, Гүлчө мергенчилик корук жайлары бар. Ошондой эле жергиликтүү маанидеги эл депутаттарынын райондук Советтеринин аткаруу комитеттеринин чечими менен түзүлгөн корук жайлар да көбөйө бермекчи. Корук жайларда мергенчилик кылуу мындай турсун мылтыкты асынып алып аралап жүрүүгө тыюу салынат.

Жаныбарлар дүйнөсүн коргоо максатында мийзамсыз мергенчилик кылган айыпкерлер мамлекеттик инспекторлор тарабынан тартипке чакырылып, жаныбарлардын түрүнө, баалуулугуна жараша жазана салынат. Алсак кызыл китепке түшкөн илбирс 2 миң сом, кундузга 800 сом, аюуга 750 сом, сүлөөсүнгө 900 сом жазана төлөтүлөт. Ал эми атайын уруксаты болбосо, мергенчилик коомунун мүчөлүгүнүн катарында турбаса андай адамдарга аткан жаныбар үчүн мийзамда көрсөтүлгөн жазана салынат. Жазанага кириптер болгон айрым адамдардан мисал келтирели. 1988-жылдын 8-февралында Сүлүктү шаарында жашоочу Кадыров Акпар Лейлек районундагы тоолуу аймактан атайлап аңчылыкка чыгып бир аркарды атып үйүнө келген учурунда кармалган. Ага келтирген зыяны үчүн 1000 сом, төлөмөр, андан тышкары 50 сом жазана салынды. Ушул эле жылы Совет районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун чабаны Таабалдыев Ырайымкул көп күндөр бою аракеттенип жүрүп бир күрөң аюуну капканга түшүрүп алган. Ошол эле күнү дароо терисин сыйрып, эч кимге билдизбей бекитүүнүн аргасын издеген. Жаныбарга жасаган кыянат ою ишке ашпады, колго түштү. Ага 750 сом төлөмөр, 50 сом жазана салынды. Мындай аныктыктар ого эле көп. Биз бул жерде канаттуулардан тартып ири жана майда жаныбарларга чейинкисин айтып жатабыз.

Эми жаныбарларды көбөйтүү мезгилинде—сүт эмүүчүлөрдү балалуу, же бооз кезинде канаттууларды жумурткалаган, чожөсүн ээрчитип жүргөн кезинде атса, уясын бузса, чөжөлөрүн өлтүрсө өз мийзамына ылайык жазана салынат. Бул жагдайда иш алып баруу, кылмыштууларды табуу бир топ кыйынчылыктарды туудуруп жатат. Буга ар бир инсандын жардамы талап кылынат, ага муктажбыз.

Мылтыктарды алып жүрүүнүн, аны пайдалануунун атайын чыгарылган мийзамы, эрежеси бар. Ал эрежени бузган, мылтыкты туура пайдаланбаган адамдарга жазана салынып, мылтыгы алынат. Орчундуу тартип бузгандар кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Алсак ыктыярдуу мергенчилик коомуна мүчө болгон адамдар ички иштер бөлүмүнүн уруксаты менен гана мылтык алып жүрүүгө укуктуу. Азыр алардын саны 5300гө жетип калды. Бирок, айрым райондордо ички иштер бөлүмүнүн каттоосунан өтпөй көп убакытка дейре пайдаланып жүргөн адамдар кездешет. Анткени, айрым чарба жетекчилери малчыны, же чабанды кызматтан бошоткондо ага берилген мылтыкты алып, анын ордуна коюлган адамга берүүнү унутта калтырышат. Бул жоопкерчиликтүү, көңүл бура турган маселе. Андай адамдар көзөмөлгө алынбай калып, уруксатсыз мергенчилик кылышат, айрым учурларда одоно жаңылыштыктарды кетирип, баалуу жаныбарларды атат. Эреже боюнча чабанга берилген мылтык анын чабандык китепчесине жазылышы керек. Буга дагы чарба жетекчилери көп учурларда маани беришпейт. Бул жол берилгис кемчилдик.

Жаныбарлар дүйнөсү биздин байлыгыбыз экенин унутпайлы. Өзгөчө катаал кыш мезгилинде аларга колдон келишинче камкордук көрүүбүз керек. Анда чөптөр куурап, кар астында калат. Деги канаттуулар болсун, жаныбарлар болсун кар оор түшкөн жылдарда биздин жардамыбызга муктаж болушат. Мүмкүнчүлүктү таап, убакытты бөлүп жаныбарларды азыктандыруубуз зарыл. Токойчулук жана мергенчилик чарбалары, мергенчилик коомунун кызматкерлери жаныбарларды, баалуу канаттууларды кыштан эттүү асырап чыгуу үчүн көмөк көрсөтүү иштерин жүргүзүп, биотехникалык жумуштарды аткарышат. Алар тарабынан жыл сайын миңдеген сомдук акча каражаттары сарп талып, эсепке алынган жаныбарларга, канаттууларга азыктар берилип турулат. Алибетте бул жетишсиз. Ошентсе да жаныбарлар менен канаттуулардын азайып бараткан түрлөрү үчүн мындайча көмөк көрсөтүү бир топ эле пайда берет.

Биз жогоруда жаныбарлар менен канаттуулардын азайып бара жатышынын себептерин аз да болсо белгилеп кеттик. Эми алардын айрым түрлөрүнүн азайышынын беш жылдык жыйынтыгын илимий болжолдуу эсеп боюнча алып төмөндөгүдөй маалыматта беребиз:

Жаныбарлардын жана канаттуулардын түрлөрү	жылдары				
	1985	1986	1987	1988	1989
Аркар	4754	4700	4523	4580	4250
Аюу	167	166	165	160	130
Илбирс	244	235	224	227	202
Сүлөөсүн	404	400	340	342	364
Кийик	22105	21390	20390	20290	20150
Жапайы чочко (донуз)	5603	5500	5960	5620	5235
Элик	1681	1137	1157	1181	1205
Кекилик	109600	87300	89100	90603	97250
Улар	41550	41400	41360	41310	41610

Жогоруда көрсөтүлгөн жаныбарлар менен канаттуулардын азайышынын себептерине браконерлер да кирет. Бул үчүн 1989-жылдагы июль айга чейинки эле маалыматты алсак жетиштүү болот. Бардык браконер 217ге жетип, анын ичинен мергенчилик боюнча браконер 103түү түзөт. Аларга 2587 сом жазана салынып, 26502 сомдук келтирилген зыян өндүрүлгөн. Ал эми 1988-жылдагысын толук алганыбызда 662 браконер катталган. Анын ичинен мергенчилик боюнча катталган 257 адам болгон. Аларга 4939 жазана салынып, 35561 сомдук келтирилген зыян төлөтүлгөн. 1989-жылдагысын да акырына чейинкисин болжолдуу алганыбызда 1988-жылдагыдан кем болгон жок.

Биз төмөндө мергенчилик чарбасына келтирилген зыян үчүн ишканалардан, уюмдардан, граждандардан төлөтүп алынуучу доонун өлчөмдөрүн көрсөтөбүз.

Тартип бузуучулардын жана жаныбарлардын түрлөрү	Коруктардын жаратылыш парктарынын, заказчиктердин аймактарында	Токой чарбаларынын аймактарында жана башка жерлерде
Жапайы жаныбарларды законсуз атып салгандык жана жок кылгандык үчүн (Бир башына)		
А) СССРдин кызыл китебине жана мамлекет тарабынан корголуучу тизмеге киргизилген жаныбарлардын төмөндөгү түрлөрү үчүн:		
— Зубр	1000—00	1000—00
— Марал, бугу, илбирс, жейрен	500—00	500—00
— Аркар, европалык пань, тянь-шань аюусу	500—00	300—00
— Кызыл карышкыр, мадыл, сүлөөсүн, кундуз	300—00	200—00
— Аккуу, тоо казы, мала, жана тармал бирказан, ак кытан, илегилек, фламинго, акчече, каз, тоодак, орок тумшук, чулдук, безбелдек, энот	150—00	100—00
— Каракур, бүркүт, суу бүркүт, кызылмукур, балта жутар, жыланчы, (ак журтчу) ылаачын, ителги, шумкар	75—00	50—00
— керкоо шакылдак, бакачы, талаа бүркүтү, булдурук, тоо чили, кыргый үкү, мыкыйүкү, мензбр суур, карчыга, коруучу кызыл күсөн, земзем.	50—00	30—00
— Кошэрин жарганат, стролоух белобрюхий	20—00	15—00
Б) СССРдин кызыл китебине жана мамлекет тарабынан корголуучу тизмеге киргизилбеген жаныбарлар үчүн:		
— Жапайы чочко, элик, тоо эчки	300—00	200—00
—Суусар, норка, бөкөн	150—00	100—00
— Каздар — бардык түрүндөгү дудук каздар, ак кытан, ак коён, камыш мышыгы	75—00	50—00
— Кара илегилек, суур кытан, кыргоол, кузгун	50—0 0	30—00
— Ондатр, суур, кашкулак, сүткор, түлкү, карсак, кулан, бардык түрдөгү өрдөктөр, кашкалдак, көлбука, улар, ласка, арс чычкан	30—00	20—00
Кекилик, бардык түрдөгү чулдуктар, көгүчкөн, бактек, үкү, кызыл чече, кашкалдак, бөдөнө, жырткыч куштар, коёндор. тыйын чычкан, жыландар	20—00	10—00
— Бардык түрдөгү сайроочу чымчыктар, талаа ташбакасы, жарганаттар	7—00	5—00
— Бакалар жана кескелдириктер	1—00	0,05
2. Карышкырдыкынан башка ийиндерди, куштардын уяларын бузгандык үчүн	15—00	10—00
3. Төмөндөгүлөрдүн уясынан алган ар бир жумуртка үчүн:		
— СССРдин кызыл китебине жана мамлекет тарабынан корукка алынуучу тизмеге киргизилген канаттуулардын түрлөрүнө	8—00	5—00
— Пайдалуу башка канаттуулардыкына	2—00	1—00
4. Жаныбарлардын уялаган орундарын, жем жей турган акурларын жана туз салынган жайларын, мергенчилик жерлерине орнотулган атама белгилерди аншлагдарды, мергенчилик кепелерин, түшүндүрмө белгилерди жок кылгандык жана зыянга учураткандык үчүн	Жогоруда аталган куштардын наркынын үч эсе өлчөмүндө	

Жогоруда берилген жаныбарлар менен канаттуулардын санкциялары өкмөт тарабынан көрүлгөн камкордук болуп саналат. Буга туура түшүнүү керек. Айрым аймактарда дагы эле болсо жаныбарлар дүйнөсүнө маани берилбей одоно кемчилдиктер кетирилип жатат. Өзгөндө, Яссы совхозунда жана Гүлчөдө дарыя боюнда мергенчилик корук жайлары бар. Мындагы токойлорго айрым учурларда мал жайылып, адамдар чычырканактын мөмөсүн теребиз дешип тебелеп-тепсеп жиберишет. Айрыкча, коомдук малды жайып жиберишкендери өкүндүрөт. Өзгөндө болсо токойго көңүл бурулбай жатат. Андагы токой корукчулары да жетерлик иш алып барышпоодо. Токой өсүмдүктөрүн кыйып гүрүч өстүрүүчү жайга айландырышууда. Мунун зыяндуу

экендигине маани берилбей, жердин кыртышы бузулуп, дарыя нугун кеңейтип жайылып кетишине көңүл бурулбай жатат. Анткени, дарыянын жээгин токой өсүмдүгү коргоп турары белгилүү. Жергиликтүү бийлик органдары буга көңүл буруулары зарыл.

Жаратылышта өсүмдүк адам үчүн канчалык маанге ээ болсо жаныбарлар да ошончолук эле мааниге ээ болсо турганын эстен чыгарбайлы. Анткени, өсүмдүк менен жаныбарлардын жашоо тиричилиги бири-бирине тыгыз байланыштуу эмеспи. Аларда бирдей даражада камкордук көрүүнү негизги милдетибиз деп эсептөөгө тийишпиз.

ТАБИЯТТЫН КҮЙӨРМАНЫ БОЛОЛУ

...Доор ошондой тура. Тарыхый жана материалисттик көз карашта алганыбызда коом өнүккөн сайын адамдын аң-сезими да өнүгүп өсүп мийзам ченемдүү багытта алга карай арыш таштап бара берери талашсыз. Ооба, адам дегениң оюнда далай-далай жомокторду жаратты, далай-далай кыялдануурга бийленди. Ошол жомоктогу ойлорун, кыялданууларын ишке ашырууну көздөп алпурушуп келе жатпайбы. Ал үчүн жаратылыштан көксөгөнүнүн баарын алып жатат. Мына эми жомоктогулардан артык кыялдануулар ишке аша баштады. Кылемди минип учкан жомоктун каарманы бүгүн жүздөгөн адамдардын арасында сапар тартып учма пайызда учуп жүрөт. Эңсеп жүргөн үйгүда бардык, анын топурагын алдык, текшерип көрдүк, шартын изилдедик, акырында жашоого болбойт экен деген жыйынтыкка келип тык токтодук. Анан болбосо, айдын дагы тынчын алмакпыз. Эми андан аркы жылдыздарды изилдеп атабыз. Бул жакшы дечи. Жер — дүйнөнү солкулдатып, ацтар-теңтер кылып жибере тургандай, бүтүндөй тирүүлүктүн тамырын жулуп ыргытып, түбөлүккө жок кыла тургандай кайталангыс дооруду жаратууга жанталашып умтулуп жатканыбызга не дейсиң?

«Атомдук ядролук курал» деген алааматтуу балакетти чыгарып алдык. О, адам десе жаралгандан бери эле атышып-чабышып келе жатабыз го. Тээ алгачкы коомдо да таштан, жыгачтан курал жасап, аны менен айбандарга кол салдык, жашоо-буздун зарыл керектөөсүн алардан алдык. Анан ал куралдарды чырдашып, бирибизди бирибиз өлтүрүүгө пайдаландык. Э, эмнесин айтып башты ооруталы, доордон доорго, коомдон коомго өткөн сайын чырдашып эле келе жатпайбызбы. Аны кары тарых күзгүдөй көрсөтүп жатпайбы. Не деген кыйроолорду, согуштарды баштан кечирбедик. Жаратылыштан алган жашообуздун керектөөлөрүн касташууга, кыйрап бүлүнүүгө пайдаланбай эле койгонубузда не болмок. Андай болгондо андан аркы эңсеген жылдызга («Венерага») эчак эле жетип алсак керек эле. Бүгүнкүдөй экологиялык оор абалды түзүп алып, аны кантип, кандайча токтотушубузду билбей, айлабыз кетип, бири-бирибизге шылтап, санаа—деңизинин түбүндө чөгүп, боздоп олтурбайт элек го. Баса, жаратылыш бизден эч нерсени алган жок, керек де-

Баса, жаратылыш бизден эч нерсесин аяган жок, керек дегенибиздин баарын берип жатат. Бирок, ушул кезге чейин жаратылыштын байлыктарын алышыбызды гана ойлоп, анын келечеги туурасында али бааланарлык ой жүгүртпөй жатабыз. Мына ушул кезде өкмөтүбүз кеч болсо да камкордук көрүүнү чындап колго алды. Жаратылышты коргоонун союздук, республикалык, ал тургай областтык мамлекеттик комитеттери түзүлдү. Алар жаратылышты кыйрап-бүлүнүүдөн сактап, келечеги үчүн кам көрүү максатында колдон келишинче аракеттенип жатат. Бирок, «жалгыз аттын дүбүртү чыкпайт» дегендей чөйрөсүндөгү жогорку органдар тарабынан жетерлик колдоого алынбай жатканы өкүнүчтүү. Учурдагы айкындык, демократиялуулук мийзамы көтөрүлүп, күчүнө кирип жаткан кезде болгон ишти болгондой айтуубуз керек.

Табиятты коргоо боюнча областтык комитеттердин түзүлгөнүнө төрт жыл болду. Үлгүрүшүнчө контролдоочу ишин алып барды, текшерүүлөрдү жүргүздү. Табиятка зыяндуу кылмыштуулуктардын бетин ачып жазаналарды салды, кетирилген зыяндарды төлөттү. Алсак, жыл ичинде бардыгы болуп 29857 сомдук жазана салынып 223280 сомдук келтирилген зыяндар төлөтүлгөн. Ооба, адегенде эле жазана салып, келтирилген зыянга төлөмөр коюлбады. Алдын ала эскертип, экологиялык зыяндануу калыбына келтирүүнүн мөөнөттөрү да белгиленди. Пендебиз да муну айрым ишкана-мекемелердин жетекчилери дароо эле кабыл ала койгон жок. Көндүм адатындай, кол шилтеп көңүл бурбай койду. Ал эми салынган жазаналарды, төлөмөрлөрдү да бербей коюунун айла-амалдарын издешти. Арбитраждык органдарга чейин кайрылып, араң өндүрүлдү «колуң менен жасаган кылмышты мойнуң менен тарт» деген элдик сөз төгүн эмес.

Кызык, абанын, суунун тазалыгын сактоо үчүн күрөш бир эле комитеттин кызыкчылыгы эмес да. Ал ар бир инсандын кызыкчылыгы. Ден-соолукту чындап, оору-сыркоосуз жашоону ким эңсебейт. Экологиялык талап ошого негизделип жатпайбы. Ошондой болгон соң табиятты зыяндаткан кылмышыбызды моюнга алып, аны мүмкүнчүлүктүн болушунча калыбына келтири-

экендигине маани берилбей, жердин кыртышы бузулуп, дарыя нугун кеңейтип жайылып кетишине көңүл бурулбай жатат. Анткени, дарыянын жээгин токой өсүмдүгү коргоп турары белгилүү. Жергиликтүү бийлик органдары буга көңүл буруулары зарыл.

Жаратылышта өсүмдүк адам үчүн канчалык маани эе болсо жаныбарлар да ошончолук эле мааниге ээ боло тургандыгын эстен чыгарбайлы. Анткени, өсүмдүк менен жаныбарлардын жашоо тиричилиги бири-бирине тыгыз байланыштуу эмеспи. Аларда бирдей даражада камкордук көрүүнү негизги милдетибиз деп эсептөөгө тийишпиз.

ТАБИЯТТЫН КҮЙӨРМАНЫ БОЛОЛУ

...Доор ошондой тура. Тарыхый жана материалисттик көз караштa алганыбызда коом өнүккөн сайын адамдын аң-сезими да өнүгүп өсүп мийзам ченемдүү багытта алга карай арыш таштап бара берери талашсыз. Ооба, адам дегениң оюнда далай-далай жомокторду жаратты, далай-далай кыялдануугa бийленди. Ошол жомоктогу ойлорун, кыялдануularын ишке ашыруну көздөп алпурушуп келе жатпайбы. Ал үчүн жаратылыштан көксөгөнүнүн баарын алып жатат. Мына эми жомоктогулардан артык кыялдануулар ишке аша баштады. Қилемди минип учкан жомоктун каарманы бүгүн жүздөгөн адамдардын арасында сапар тартып учма пайызда учуп жүрөт. Эңсеп жүргөн үйгүда бардык, анын топурагын алдык, текшерип көрдүк, шартын изилдедик, акырында жашоого болбойт экен деген жыйынтыкка келип тык токтодук. Анан болбосо, айдын дагы тынчын алмакпыз. Эми андан аркы жылдыздарды изилдеп атабыз. Бул жакшы дечи. Жер — дүйнөнү солкулдатып, ацтар-тецтер кылып жибере тургандай, бүтүндөй тирүүлүктүн тамырын жулуп ыргытып, түбөлүккө жок кыла тургандай кайталангыс дооpду жаратууга жанталашып умтулуп жатканыбызга не дейсиң?

«Атомдук ядролук курал» деген алааматтуу балакетти чыгарып алдык. О, адам десе жаралгандан бери эле атышып-чабышып келе жатабыз го. Тээ алгачкы коомдо да таштан, жыгачтан курал жасап, аны менен айбандарга кол салдык, жашоо-буздун зарыл керектөөсүн алардан алдык. Анан ал куралдарды чырдашып, бирибизди бирибиз өлтүрүүгө пайдаландык. Э, эмнесин айтып башты ооруталы, доордон доорго, коомдон коомго өткөн сайын чырдашып эле келе жатпайбызбы. Аны кары тарых күзгүдөй көрсөтүп жатпайбы. Не деген кыйроолорду, согуштарды баштан кечирбедик. Жаратылыштан алган жашообуздун керектөөлөрүн касташууга, кыйрап бүлүнүүгө пайдаланбай эле койгонубузда не болмок. Андай болгондо андан аркы эңсеген жылдызга («Венерага») эчак эле жетип алсак керек эле. Бүгүнкүдөй экологиялык оор абалды түзүп алып, аны кантип, кандайча токтотушубузду билбей, айлабыз кетип, бири-бирибизге шылтап, санаа—денизинин түбүндө чөгүп, боздоп олтурбайт элек го. Баса, жаратылыш бизден эч нерсени алган жок, керек де-

генибиздин баарын берип жатат. Бирок, ушул кезге чейин жаратылыштын байлыктарын алышыбызды гана ойлоп, анын келечеги туурасында али бааланарлык ой жүгүртпөй жатабыз. Мына ушул кезде өкмөтүбүз кеч болсо да камкордук көрүүнү чындап колго алды. Жаратылышты коргоонун союздук, республикалык, ал тургай областтык мамлекеттик комитеттери түзүлдү. Алар жаратылышты кыйрап-бүлүнүүдөн сактап, келечеги үчүн кам көрүү максатында колдон келишинче аракеттенип жатат. Бирок, «жалгыз аттын дүбүртү чыкпайт» дегендей чөйрөсүндөгү жогорку органдар тарабынан жетерлик колдоого алынбай жатканы өкүнүчтүү. Учурдагы айкындык, демократиялуулук мийзамы көтөрүлүп, күчүнө кирип жаткан кезде болгон ишти болгондой айтуубуз керек.

Табиятты коргоо боюнча областтык комитеттердин түзүлгөнүнө төрт жыл болду. Үлгүрүшүнчө контролдоочу ишин алып барды, текшерүүлөрдү жүргүздү. Табиятка зыяндуу кылмыштуулуктардын бетин ачып жазаналарды салды, кетирилген зыяндарды төлөттү. Алсак, жыл ичинде бардыгы болуп 29857 сомдук жазана салынып 223280 сомдук келтирилген зыяндар төлөтүлгөн. Ооба, адегенде эле жазана салып, келтирилген зыянга төлөмөр коюлбады. Алдын ала эскертип, экологиялык зыяндануну калыбына келтирүүнүн мөөнөттөрү да белгиленди. Пендебиз да муну айрым ишкана-мекемелердин жетекчилери дароо эле кабыл ала койгон жок. Көндүм адатындай, кол шилтеп көңүл бурбай койду. Ал эми салынган жазаналарды, төлөмөрлөрдү да бербей коюунун айла-амалдарын издешти. Арбитраждык органдарга чейин кайрылып, араң өндүрүлдү «колуң менен жасаган кылмышты мойнуң менен тарт» деген элдик сөз төгүн эмес.

Қызык, абанын, суунун тазалыгын сактоо үчүн күрөш бир эле комитеттин кызыкчылыгы эмес да. Ал ар бир инсандын кызыкчылыгы. Ден-соолукту чындап, оору-сыркоосуз жашоону ким эңсебейт. Экологиялык талап ошого негизделип жатпайбы. Ошондой болгон соң табиятты зыяндаткан кылмышыбызды моюнга алып, аны мүмкүнчүлүктүн болушунча калыбына келтири-

шибиз парз. Бир мисал келтирели... Павлов Олег Борисович «Акбото» деген кооператив ачып, Акбура дарыясынын жээгин «эксковатор» менен казып, шагылын керектөөчүлөргө сатып, экологиялык олуттуу зыянга учураткан. Анын чөйрөсүндөгү жашаган адамдар эл депутаттарынын шаардык Советинин аткаруу комитетине кайрылышып пайдалуу жыйынтык чыгара алышпаган. Комитет да кийлигишкен. Мийзамдуу аракетин жасаган. Жергиликтүү бийликтин колдоосуна таянып, Павлов баштаган ишин уланта берди. Дарыянын жээги анга айланып кетти.

Жергиликтүү бийлик органдары эмне үчүн колдоду? Ушундай суроо туулат? Себеби, Павлов табияттын мийзамына жуурулушпаган идеясын таңуулап, пайда болгон чуңкурларга балык, сууда жашай турган териси баалуу жаныбарларды өстүрөм деген түшүнүктү берет. Аны жасасын, шагылды сатуудан тапкан каражаты да жабдууларына жетсин дейли. Пайда болгон көлмө дарыяга өтөжакын, туташып эле турат. Балыктардын жана асырап өстүрүүгө койгон териси баалуу жаныбарлардын булганычтары кайда агат, дарыяга гана өтөт, дарыяны булгайт. Ансыз да аларда жугуштуу оору пайда болсо, эмне болот? «Суу жүргөн сайдан суу өтөт, сел өткөн сайдан сел агат» деген кеп бар.

Бул гөйгөй табияттын мийзамында. Анын качан башталышын ким билип коюптур. Илимпоз адистер Павловдун идеясы, башташган иши зыяндуу деп айтышты. Ошого карабастан жергиликтүү бийлик органдарынын колдоого алып жатышын кандайча түшүнүүгө болот? Баарыдан да ойго ала турган сөз областтык мамлекеттик балык коргоо инспекциясына кайрылып, андан жол жобосун бир ооз сурап койбогон Павловдун өзүм билемдик аракети кимди өкүндүрбөсүн. Бул бюрократтыктын жеткен чеги эмеспи. Чындык ийилет, бирок сынбайт деген кеп бар. Акырында Павловдун аракети бир топ талаш-тартыштардын негизинде, Кыргыз ССР Жогорку сотуна чейин коюлуп анан чечилди.

Мындай кайдыгер мамилелер ого эле көп. Акбуура, анын булганычтары туурасында областтык газеталарында, ошондой эле сыналгыда бир нече жолу сөз болуп, сын пикирлер айтылган. Албетте, айрым түйүндүү маселелер чечилгени менен жогорудагыдай орчундуулары чечилбей калып келүүдө. Өзгөчө Акбура дарыясынан чыгарылып шаарды аралап өткөн, каналдардын боюна курулган ишканалардан, ашканалардан, чайканалардан чыккан булганычтарды айтпа, өкүнөрлүк. Агын суу болгон соң андан адам пайдаланат, жайкы ысыкта балдар жуунат, чаңкаганда ичет. Аларды ким карап олтурду дейсиң. Ансыз дагы дарыяда трактордун, автомашиналардын дөңгөлөктөрү, темир-тезектер, темир бетондун оркойгон калдыктары толуп кеткен.

Шаарда аларды тазалап чыгаруучу күч жок дейсиңби, толуп жатат. Кептин баары шаардын жетекчилеринин кайдыгерлик кылышкандыгында. Кезегинде областтык Советтин атайын экологиялык маселе талкуулаган сессиясында Акбуура-нын, жалпы эле шаардын тазалыгы туурасында кеңири сын пикирлер айтылган. Кабыл алынган чечимде да көрсөтүлгөн. Ошентип, айтылып эле натыйжасыз калып кетүүдө. Албетте курулуп калган ишканаларды, чайканалардын бардыгын бир убакта башка жакка чыгаруу кыйын. Акырындап, бирин-экиндеп каналдын бойлорунан алыстатып, четке чыгарууга болот го. Алардын ордунан козголбой баягысы баягы болуп, аш-тамактын чайкандылары, төгүлүп, каналдардын түбүндө ирип-чириген ыпластыктар пайда болуп, сууда ар кандай микроорганизмдердин жаралып жатышын эмне менен түшүндүрүүгө болот. Чайкандынын, консервалардын идиштеринин кандай зыяны болмок эле дейбиз. Экологиялык зыяндуу көрүнүштөрдүн майдасы жок. Көзгө көрүнбөгөн, сезилбеген микроорганизмдик таасирлер адамдын ден соолугуна зыянын тийгизбей койбойт.

Бир жолу шаардын Ленин атындагы көчөсүн бойлоп өткөн каналда балыктардын ууланып, суунун бетинде калкып агып өтүп келе жатканын адамдар көрүп, комитетке билдиришти. Төмөнкү жаштагы балдар жансыз балыктарды сууну кечип жүрүп, терип алып жүрүшкөндө инспекторлор барып, балдарга эскертишкен. Андан ары балыктардын ууланышынын себептери такталды. Атайын чымын чиркей үчүн чыгарылган уу-химикаттардын бошогон идиштери каналга таштала берген. Мындагы ууландыруучу химикаттык калдык балыктарды зыяндаткан. Бул үчүн жазана каналдын жээгиндеги ашканаларга салынды.

Тазалык — ден-соолуктун булагы делип бекеринен айтылбайт. Бул жагдайды ар бир инсан жакшы түшүнөт. Билип туруп маани бербей, ал туурасында ойлоп да койбогондугубуз өкүндүрөт. Тазалык туурасында какшанган сөздөр көп эле айтылат, газета-журналдарга да макалалар жарыяланып жатат. Деги биз кайсы доордо жашап жатканыбызга баа берсекчи, маданияттуу жашоого жетишип калдык го. Ар бир үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү үйдө, көчөдө, деги кайда болбосун тазалыкты сактоонун аракетинде болуш керек.

Комитет тарабынан 1989-жылдын жаз, жай айларында эки жолу кыдырып текшерүүлөр жүргүзүлдү. Ошондо көңүл иренжиткен булганычтарды көрдүк. Каналдарга эмнелер гана таштабаган. Эски кийим-кечелер, ар кандай аш-тамактардын идиштери, үй жаныбарларынын өлүктөрү, темир-тезектер. Аңгемелешкен учурубузда каналдардын боюнда жашагандардын көпчүлүгү билбеймге чыгып айрымдары балдарга шылташты. Балдарды

тарбиялап жаткан өзүлөрү эмеспи.

Мындай көрүнүштөр жеке эле Ош шаарында эмес, областтардын башка шаарларында, айыл-кыштактарында да кеңири орун алган. Ошондуктан, ар бир шаарда, мекеме-ишканада, айыл-кыштактарда жашаган адамдардын экологиялык түшүнүгүн байытып, үгүт иштерин активдештирүү керек. Аны жергиликтүү органдар өзүлөрүнүн күндөлүк иштери катарында баалоого тийиш: Анан мектеп турмушунда болсо кайсы гана мугалим кандай гана сабакты өтпөсүн, анда тематикага ылайык экологиялык маселеге айкын мисал менен кайрылып, бир ооз сөзүн айтып койсо жакшы болор эле. Муну биздин оюбузча биринчи класстан эле колго алып, сабактын методикасына киргизүү зарыл.

Абаны тазалоонун маанилүү каражаты бак-даректарга, ар кандай өсүмдүктөргө таандык экендиги баарыга белгилүү. Алжансыз, тирүү организм катарында биологиялык илимде аныкталган. Анткени, уруктанат, уругу аркылуу көбөйөт, өсөт, тамыры аркылуу топурактан керектүү затын алып, азыктанат, жалбырагы аркылуу (CO2) көмүр кычкыл газын алып, кычкылтекти бөлүп чыгарат. Бул адамдын дем алуусуна шарт түзгөндүккө жатат. Себеби, адам абадан кычкылтекти алып, өзүнөн CO2 газын бөлүп чыгаруу менен дем алат эмеспи.

Биз республикабыздын борбору Бишкеке барганыбызда андагы жашылданган аллеяларга, бактарга суктанып, карагаанын Алыкул Осмоновдун бир сап көңүл эргиткен ыры сезимге кылт эте түшөт. Шаардын жашылданышы, анын көркү эмеспи. Ош шаарынын жашылданышынан сөз козгосок, түпөйүл түшүнүктө мамиле жасагандар көп. Комитет бул жагдайга да кийлигишти. Шаардык жашылдандыруу башкармасынын өкүлдөрү менен биргеликте жүргүзгөн бир жолку кыдырма текшерүүдөн баян этели. Ал Кыргызстан көчөсү менен бара жатып, буйрук берилген төрт адамдардын жанына токтоп, алардын жол боюндагы даректарды сугаруудагы ишинен сөз козгоду.

— Мына бул түюк темир бетондук ноону өткөн жылы ар кайсы жеринен көзөтүп, даректардын суу ичишине ыңгайлаштырып жатсак Эл депутаттарынын шаркомунун төрагасы А. И. Будников көрсөтмө берип токтотуп койгон. Эми минтип ноодан өтүп жаткан сууну ар кайсы жеринен бууп, толуп ташкан болорболбос сууну чычкандын жолундай нукта кыйынчылык менен сугарып жатабыз. Минтпесек даректар бөөдө кургап кете турган—деп өкүндү иштеп жаткан сугатчы.

...Ырасын айтуу керек, өсүмдүктөрдүн кыйрап, бүлүнүп жок болуп баратышынын себепчиси өзүбүзбүз. Бир учурда элеттиктер көмүрдөн пайдалана алышпаган. Бадал өсүмдүктөрүнүн кайсы гана түрүн болбосун орду-ордунда кыйып, топтоп коюп, кууганда эшик алдына ташып алып, кыш айларында жагыша турган. Ошондон улам тоо арасында бадал өсүмдүктөрү суюлуп кеткен. Өзгөчө жапалак арча, табылгы, ыргай сыяктуу өсүмдүктөр орду толгус жоготууга учураган. Мунун башкы себеби, көмүрдүн айыл-кыштакка жете электигинде. Бул күндөрдө токой корукчулары контролдоп, айылдыктар көмүр жагып жатышат. Бадал өсүмдүктөрү өрчүй баштады. Ошентсе да, токой корукчуларынан уурданып бадал өсүмдүктөрүн кыйып, кургатып алгандар кездешүүдө. Баса, элүүнчү жылдарда деле тоо арасындагы жашаган элеттиктерге көмүр жеткен эмес.

Алай районунан мисалдарды келтирсек, анын кайсы гана айыл-кыштагына барбайлы, ошол мезгилдерде ар бир үйдүн алдында үймөктөлгөн отундар жыйылып турчуу. Арчалардын жыйылып турганын айтпа. Анда өзгөчө жайлоого барганда жапалак арчаларды кыйып, тоо боорунан алып түшүп, атка сүйрөтүп, келе жаткан адамдар ондоп саналчу. Бул бир эле айылдагы көрүнүш. Үй курулушуна жарай турган арчаларды болсо орду-ордуна кыйып таштап, кыштоого түшөрдө ташып алып, керегинче иштетише турган. Ошондогу бадал өсүмдүктөрүн, арчаны мыкаачыларча кыйып, отунга, имаратка иштетүү табиятын орду толгус жоготуусуна алып келген. Азыр деле жайлоого чыккан адамдар, чабандар, малчылар, токой корукчуларынан уурданып, арчаны кыйып жаткан далилдери бар.

Бир учурда карагат абдан көп болоор эле. Азыр бул дагы өтө сейректеп кетти. Ага ушул кезде да маани берип, көңүл бурганыбыз жок. Ал кезде шаардыктар карагатты билишпесе керек. Эми, карагаттан кайнатма ширени атаандашып даярдашууда. Ал дасторконго коюуучу даамдуу азык катары баалануу жатпайбы. Баса, элеттиктер да кайнатма шире дегенди билишпеген. Азыр аны ар бир үйдүн ээси жан-дили менен киришип жасап жатпайбы. Мөмө-жемиштер бышкан учурда кумшекердин таңкыс болуп кетишинин себеби да ошондо. Алма, өрүк, жүзүм, дагы ушул сыяктуу жемиштерден жасалган кайнатма ширелердин баарынан карагаттан жасалганы таттуу. Анын ар бир банкадагысы базарда он сомго сатылып атпайбы. Мейли жасашсын, сатсын, меймандос дасторконун көркүнө чыгарып көңүлдүү олтурушсун. Ага ким нааразы болмок эле. Кептин түйүнү карагатты сыдырып албай, сабагын, шактарын сындырып, кай бирлери сабагын түбүнөн эле жулуп алып жатышканына не дейсиң. Кийинки жылы да карагат керекпи, өсүп бутактап

көбөйсө карагатты ошончолук кеципи, каалагандай терип кетишет го. Жарыктык адамдар десе ага көңүл бурбай бүгүнкүсүн гана ойлоп, өз көмөчүнө күл тартып дегендей мамиледе болушканы жанды кейитет. Ооба, карагат быштыдегиче шаарлардан жүздөгөн километрлик аралыкка дейре жеңил машинасын чаптырып, жоктору учкашып-чиркешип барып жатышы арбын. Биздин оюбузча табигый таттуу жемиш болгон карагатты да кызыл китепке түшүрүп, орду толгус жоготууга дуушарланып бара жаткан кезинде сактап калуубуз керек. Карагаттын дарылык касиети да бар. Ошол жагын эске алып ким болбосун бул баалуу өсүмдүктү коргоону эске алуусу зарыл.

Али бизде жаратылышка баа бербей, өзүнүн жеке кызыкчылыгын көздөгөн түпөйүл түшүнүктөгү адамдар көп. Ооба, дагы күнүмдүктү ойлоп, жашоонун эртеңкисине көңүл бурбайбыз. Алсак, айрым, адамдар түйүндүү маселелерди талкуулап жатышып, жаныбарлардын пайда-зыянына көбүрөөк токтолушат. Ошондо карышкырды жер үстүнөн жоготуп, тукумкурут кылууну айтышат. Жок, андай болууга мүмкүн эмес. Ал дагы табияттын бир мүчөсү. Анын табиятта өзүнө таандык орду бар. Жакында эле жогорку билимдүү адис Ө. Кармышев ой, биздин айылда карышкыр көбөйүп кетти, аларды кырып, жок кылыш керек эле сиздерден кимге кайрылсак болот экен, — деп тынчсыздана түштү. Ага тийиштүү түшүнүк, бердик. Албетте, алардын артык баш көбөйүп кетишине жол берүү керек эмес. «Өзүңө сак бол, коңшуңду ууру тутпа» деген кеп бар. Малды кайтаруусуз калтырсаң, карышкырдын жешинен эле эмес, ар кандай кырсыкка учурайт. Эки доорду тең көргөн улукман карыялардын айтымына караганда илгери карышкыр көп болгон. Ал кезде карышкыр үй жаныбарларына кар улуу түшүп, ач калганда гана колсалбаса, башка убакта өз тиричилиги менен болуп, жапайы жаныбарларга аңчылык кылган. «Суурлар балдарын ээрчитип, сенкирип калды, карышкырларга кудай берди» деп калышчу карыялар бир кезде. Көрсө ал учурда суур көп болгон тура, азыр болсо аябай эле азайган. Ооба, суур эле эмес, сүт эмүүчү жаныбарлардын дээрлик көп түрү азайып кетпединби.

«Кыргызстандын карышкырлары» деген В. А. Вырыпаев менен Г. .Г Боробыевдин авторлошкон китебинде карышкырлардын түрлөрүн көрсөтүп алардын тукумкурут болуп кетпестиги үчүн камкордук көрүүнү эскерет. Ошону менен бирге үй жаныбарлары жана жапайы сүт эмүүчү жаныбарларды орчундуу жоготууларга учураткандыктан, ага аңчылык кылуу

менен республиканын тийиштүү жайларында көбөйүп кетишине жол бербөөнү сунуш кылышат.

«Волк как составлящая природных биоценозов и все его должны быт истреблены, но вредности волка как хишника не обходимо свести к минимума», — деп авторлор айкын белгилешкен.

Демек, жалпы түшүнүктө алганыбызда экология бардык илимдердин эң жашы, ал дагы толукталып, такталып, өнүгө бермекчи. Ошентсе да табиятты коргоонун мүмкүнчүлүктөрүн ачууга багыт берип, улам өөрчүп татаалдашып бараткан кыйроонун бүлүнүп, бузулуунун түйүндүү маселесин чечүүнүн зарылдыгын көрсөттү. Ооба, экологиялык маселе дүйнөлүк түйүндүү маселе катары көтөрүлүп, бүткүл коомчулуктун кызыгуусун туудура баштады.

Ошондуктан экология илимин үйрөнүүгө, жаратылышты коргоодогу адамдык милдетибизди аткарууга тийишпиз.

ӨТКӨН ЖЫЛДАР ЭМНЕЛЕРДИ КӨРСӨТТҮ

Өткөн 1989—1990-жылдардын ичинде бул маселе боюнча бир топ орчундуу иштер аткарылды. Табиятты коргоо комитети менен облустук пландоо комиссиясы кийинки беш жылга түзүлгөн иш чараларынын Комплекстүү программасынын чыгымдарын 747 млн. сом өлчөмүндө эсептеп чыгышты. Мунун ичинен мамлекеттик бюджеттин 51 млн. сом, мекемелердин өздүк каражатарынын 691 млн. сом жана жергиликтүү бюджеттен 5 млн. сом. эсепке алынды.

Комплекстүү программаны реализациялоо иштерин уюштурууда облустук табиятты коргоо комитети, Госгортехнадзор, Госрыбинспекция, Госохотохозяйство жана башка органдар катышты.

1990-жылы жана 1991-жылдын биринчи жарымында облустук табиятты коргоо комитети тарабынан 1700дөн ашуун обьек тилер текшерилди. Табиятты коргоонун мыйзамдарын одоно түрдө бузгандыгы үчүн 932 жазаналык санкциялар колдонулуп күнөөкөрлөргө 59,1 миң сом, 76 иск жарыяланып 564,7 миң сом өлчөмүндө доо эсептелинди жана мындан башка 91 объектиниш токтотулду. Ошондой эле мамлекеттик балык инспекциясы тарабынан, текшерүүдө 470тен ашык күнөөкөрлөргө балыкчылыктын тартибин жана аны кргоодогу жобону одоно түрдө бузгандыктары үчүн 16,3 миң сом доо салынган. Ал эми мамлекетик аң уулоо чарбасы ушундай эле 342 тартипти бузуучулар

га 3,4 миң сом доо салган.

Облусубузда азыркы айлана-чөйрөнү коргоодогу проблемалар боюнча эки жолу республикалык жана республика аралык илимий практикалык конференция өткөрүлдү. Бул өткөрүллгөн конференциялар, коомдук уюмдардын жана жалпы эле элдердин иштерине жаратылышты коргоого көңүл буруп, жаңгак-арча токойлорун жана жайлоолорду сактоодогу бирден-бир кечирилгис проблемаларды ишке ашырууга түртүү берди.

Айлана-чөйрөнү коргоо маселеси облустук жана райондук газеталардын беттеринен орун алууда. Жогоруда көрсөтүлгөн жана башка иш чараларды жаратылышты коргоодо, анын табигый байлыктарын үнөмдүү пайдалануюда бир топ иштерди жандырды. Аба мейкинин коргоо максатында зыяндуу газдардын бөлүнүп чыгышын кыскартуу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат. Тактап айтканда өнөр жай ишканаларын, турмуш-тиричилик объектилерин жаратылыш газына өткөрүү ишке ашууда, зыяндуу ишканалар селитебдик зонадан чыгарылып, чаң, газ тазалоочу жабдыктар ремонттолуп жана кайрадан курулуп, автотранспорттор газ менен жүрүүгө ылайыкталган жабдыктарга өткөрүлүп жатат.

Айрым өнөр жай ишканаларында айлана-чөйрөгө оң тааси-рин тийгизүүчү, материалдарды пайдалануюну жана өндүрүштүк таштандыны азайтуучу өркүндөтүлгөн техникалык жабдуулар киргизилди.

Облус боюнча 726 зыяндуу газдардын булактары жок кылынды. Зыяндуу газдарды чыгаруучу булактардын 97%тине тазалоочу жабдыктар коюлду. Жер, суу ресурстарын, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо иштери жүргүзүлүп жатат.

Ошону менен бирге облустук Советтин сессиясында бекитилген комплекстик программанын ишке ашырылышы канааттандырарлык эмес. «Ошкурулушматериал» өндүрүштүк бирикмесинде, асфальтбитум заводундагы газды тазалоочу жабдыктарды реконструкциялоо жана орнотуу, Кызыл-Кыя эт комбинатындагы котельнийге УК-15 групасындагы циклонун орнотуу тапшырмалары үзгүлтүккө учураган. 1989-жылы Ош насос заводунда экинчи поясынын вагранкасына форма киргизүү каралган, бирок ал иш ушу күнгө чейин аткарылбаган.

Ош шаарындагы 24 ишканаларда 7727 зыяндуу заттарды бөлүп чыгаруучу булактар бар. Акыркы беш жылдагы байкоолорго караганда шаардын абасынын булганычы тынымсыз өсүүдө жана оор мерчемине жетти. Ош шаары өлкөдөгү 200—250 миң калкы бар, экологиялык абалы өтө начар шаарлардын катарына кирет. Гидрометтин 1990-жылдагы маалыматы

боюнча абада бенз «а» пириндин саны нормадан 8 эсе көп, ал эми көз бир мезгилдерде 26 эсеге чейин жетет.

Кадамжай районунда айлана-чөйрөгө жылына 4,5 миң тонна зыяндуу заттар бөлүнүп чыгат. Бул деген облус боюнча алганда бардык чыгарылган зыяндуу заттардын 25 проценттин түзөт. Айлана-чөйрөгө таратып жаткан металл түрүндөгү сымаптын, азот оксидинин, көмүр кычкыл газынын, оор майлардын, туздардын негизги массасы ушул районго туура келет.

Хайдаркан шаарчасы мезгил-мезгили менен изилдөөнүн натыйжасында анын атмосферасындагы тизмеге түшкөн зыяндуу заттардын жогорку өлчөмдө боло тургандыгын, анын ичинде сымаптын буусу мүмкүн болгон мерчемден 17 эсе көп экендигин баамдоого болот.

Анткени тазалоочу жабдыктар же жок, же таптакыр жарактсыз абалда. Тазалоочу жабдыктар менен эң начар камсыз болгон бул, Кыргыз республикасындагы СССРдин Минэнерго, Минэлектропром, Минуглепром, Минлегпром, Минкурулушматериалдар ишканалары болуп эсептелет. Атап айтканда, Ош ТЭЦ такыр эле тазалоочу жабдыгы жок. Хайдаркан сымап комбинатында 164 булактын 120сында гана тазалоочу жабдык бар, соода өнөр жай жибек комбинатында 96дан 20сында жабдык бар.

Ош шаарында 23 абаны булгоочу ишкананын бардыгына абаны булганычтан тазалоо жана зыяндуу заттарды кармап калуу боюнча пландагы тапшырмалар берилген, анын ичинен 13 ишкана абаны булганыч заттардан тазалоо пландарын аткарган эмес. Ошондуктан ал ишканалар аба мейкинине булганыч зыяндуу заттарды көп чыгарууга жол коюшкан. Ал ишканаларга төмөнкүлөрдү кошууга болот. Насосный завод, завод ЖБИ-20, автоторемзавод жана башкалар. Ошондой эле булардын катарына Кызыл-Кыя шахта башкармасы, Кадамжай сурьма, Хайдаркан сымап комбинаттары, Кара-Суу май заводу жана башкалар кирет. Чандан жана газдан эң мыкты коргогуч бул бак-даракtар. Бирок, турмуш-тиричилик кызматынын материалдык-техникалык базасы начар, финансылык ресурстарынын жетишсиздиги, өндүрүштүн төмөнкү деңгээлде уюштурулушу, эл жашаган пункттарды өз мезгилинде тазалап сугарып, жашылдандырып турууга мүмкүндүк бербейт.

Абаны коргоонун абалын, анын булганышын анализдөөнүн натыйжасында, бардык эле райондордо, шаарларда өнөр жай тармактарында жана ар бирин өзүнчө караган ишканаларда, бул багытта начар иш жүргүзүлүп жаткандыгы көрсөтүлөт. Суу ресурстарын коргоо маселеси да кооптонууну туудурат, сугат мезгилинде сууну ыксыз чыгымдоо азайбай жатат. Сугат системасында иштөө коэфициенти 056ны гана түзөт. Багыттуу иштин

жоктугунун натыйжасында кайталап иреттүү суу менен камсыз кылуунун көлөмү төмөндөп жаткандыгы байкалат. Сууну ичүүгө жана чарбалык муктаждыкка пайдалануу да азайууда. Кыштакта болсун, шаарларда болсун ар бир жашоочуга эсептелген суунун пайдаланышы санитардык нормага туура келбейт.

Көпчүлүк эл жашаган пункттарда сууну ичүүгө жана чарбалык зарылчылыкка жумшоого берүү катуу теске салынган, жаңы системаларды курууга каражат жок, ошондуктан калк сууну арыктан алып ичүүгө аргасыз.

Эл чарбасынын өсүшүнө жана калктын көбөйүшүнө байланыштуу таштанды суулардын көлөмү 2,3 эсеге көбөйдү. Ал эми тазалоочу куралманын жалпы кубаттуулугу ушул мезгилдин ичинде 45,2 миң 46,88 миң 3 метр куб жылга көбөйдү. Тазалоочу куралманын канааттандырарлык эмес абалына байланыштуу жана кубаттуулугунун төмөндүгүнөн таштанды сууларда I—II класстагы булганыч заттар бар. Алардын ичинде органикалык заттар, уу-химикаттар жана көптөгөн заттар бар. Алардын жылдан-жылга туракту өсүшү өзгөчө кооптонууну туудурат. Эң булганыч бул Ак-Буура дарыясы, ошондой эле Тар, Кара-Дарыя, Яссы, Шахимардан, Куршаб, Зергер дарыялары да булганууда. Бул дарыяларда уу-химикаттардын саны нормадан ондогон эсе жогору болуп, 1990-жылдын сентябрь-октябрь айларында 100 эсеге жеткен.

Тазалыкка терс таасирин тийгизип жаткан бул сууну коргоо зонасын да мал чарба комплекстеринин, нефтбазалардын, нефти сактоочу жайлардын, жер семирткичтер менен уу-химикаттардын жана башка айыл чарба, социалдык-тиричилик мааниде-ги объектилердин көптөн көп орун алышы.

Айыл чарбасында зор чыгымды алып келип жаткан бул — топурак эррозиясы. Облус боюнча эррозия процессине айылчарбасына жарактуу жердин 80%ти жайыттын 70%ти каптаган.

«Кыргызгипрозем» институтунун маалыматы боюнча, акыркы 20—25 жылдын ичиндеги жердин бетин бонитет (сапат) баллы 60тан 25ке төмөндөп, ал эми айдоо аянты киши башына 058 га 030 га, анын ичинде сугат жер 020 га төмөндөгөн. Көпчүлүк чарбаларда сугат нормасы жана технологиясы бузулуп, ошого байланыштуу сазга айлануу процесстери жүрүп жатат. Облуста 1000га жакын жер сазга айлана баштаган жана 1500га чамасында шорго айланган. жер бар. Негизинен булар Баткен районуна туура келет. Жер кыртышындагы суулардын көтөрүлүшү Кара-Суу районунда да байкалат. Топуракты шамал эррозиясынан сактоо үчүн токой тилкелерин өстүрүү да чоң мааниге ээ. Бирок, мал жаюунун, уруксатсыз кыйуунун натыйжасында, сугаттын жоктугунан тигилген бак-даректардын төрттөн бири

жокко чыгып турат.

Топуректын суу, шамал эррозиясынан тышкары өндүрүштүк эррозия да бар. Облуста 4 миң гектардан ашык кен казуунун жана курулуш материалдарын алуунун натыйжасында бузулган жерлер бар. Бузулган жерлердин негизги массиви Хайдаркан сымап комбинатына (2028 га), Кызыл-Кыя шахты башкармасына (600 га), Кадамжай сурьма комбинатына (400 га), Сүлүктү шахты башкармасына (465 га) туура келет.

Жерди коргоодогу эң оор абал бул жайыт. Деградация жайыттарды жана чөп чабык аянттарын дээрлик камтып алат. Аларга күч келип жатат. 1991-жылдын 1-январында жайкы жайытка орточо 5,4 шарттуу мал башы туура келген, ал эми жазгы жана күзгү жайыттарга 8,1 баш туура келет. Жайыт мелиоративдик башкармасы тараптан көрүлгөн чаралар бюджеттен бөлүнгөн каражат жайытты коргоо жана калыбына келтирүү боюнча зарыл болгон талаптарды камсыз кыла албайт. 1988 — 1989-жылдарга бул максатта чарбалар тарабынан иш жүзүнө каражат бөлүнгөн эмес.

Чарбалар деги эле бул маселеге жеткиликтүү маани бериш-пейт, жайыт которуу формалдуу түрдө ишке ашкан, малды жаюунун эрежелери жана нормасы одоно түрдө бузулуунун натыйжасында жарамсыз же уу чөптөр басып кетип жатат.

Өсүмдүктөрдү жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо жөнүндө чоң маселенин ичинде түштүк Кыргызстандагы жаңгак жана арча токойун коргоо жана калыбына келтирүү маселеси биринчи орунда турат. Облустук жана республикалык органдар тарабынан кабыл алган чараларга карабастан, адамдардын чарбалык иштеринин натыйжасында токойлордун аянты азайууда.

Жаңгак жана арча токойлорунун уникалдуулугу, анын арасында жашаган көптөгөн өсүмдүктөр менен жаныбарлардын өндүрүмдүүлүгү, бул токойлорду бардык адамзат үчүн жогорку мааниге ээ кылып өлкөнүн улуттук байлыгынын деңгээлине көтөрдү, мунун баасы ал токойлорду коргоону жана сактоону мындан да жогору көтөрөт, ошондой эле жоопкерчиликти талап кылат.

Токойлордун аянтынын кыскарышы, жайыттардын деградациясы жаныбарлардын табигый миграциясынын жолунун бузулушу менен бирге жапайы жаныбарлардын жана канаттуулардын санынын азайышына алып келип жатат жана жер семирткичтерди, уу-химикаттарды авиациянын жардамы менен чачуунун натыйжасында көптөгөн курт-кумурскалар кырылып калууда.

Кен байлыктарын коргоо өзгөчө мааниге ээ. Түштүктө 4 тоо-кен өндүрүшү, 3 көмүр шахтылары бар. Курулуш индустрия-

сынын муктаждыгы үчүн инертүү материалдарды казып алуу жүрүп жатат (кум, шагыл, акиташ, ак-топурак, гипс ж. б.)

Госгортехнадзордун маалыматы боюнча Хайдаркан сымап комбинатында, казып алуу мезгилинде кендин 5—12 проценти жоготууга учурайт. Бул маалымат да, чыныгы жоготуу көп. Бул абал Кадамжай сурьма комбинатында 15.6 процент, анын ичинде Кадамжай кени боюнча 17.5 ал эми Терек-Сай кенинде 12 процентти түзөт. Кээ бир ишканаларда кенди кайра иштетүүдө андан пайдалуусун ажыртып, алуу өлчөмү өтө төмөн. Мисалга, Хайдаркан комбинатында концентраттан сурьманы бөлүп алуу 30% деңгээлинде, ал эми флюорит — 50% деңгээлинде турат. Көмүр өндүрүүчү ишканаларда жыл сайын 300 — 400 миң тонна көмүр ысырапчылыкка учурап, жоголуп турат.

Мисалга, Кызыл-Кыя көмүр башкармасында, бардык тазалоочу забойлордо 04—1,2 метр калыңдыктагы көмүр катмары, кайра пайдалануага болбой турган абалда жер түбүндө калып кеткен.

Эксплуатация мезгилиндеги жоготууну туура эсептөө ушул мезгилге чейин жолго коюлбай келе жатат. Караганда тармактык көмүр НИИнин маалыматы боюнча жоготуулар нормадан жогору турат да, отчетто төмөндөтүлүп көрсөтүлөт.

Тоо-кен иштеринин жана кен казып алуунун натыйжасында жыл сайын 85 миң тонна керексиз калдыктар пайда болуп турат. Алар эл чарбасында эң эле аз пайдаланылат. Бир гана 1988—1989-жылдар аралыгында «Алмалык» акиташ менен суглинокту 100 миң сом өлчөмүндө саткан. Андан тышкары кендерден чыккан пародалардын анча-мынчасын жол курулушуна пайдаланышат. Жер бетинин бузулушунун, жерди негизсиз эле айыл чарбасынан алып, коюлардын себептери, кен эмес материалдардын көп өлчөмдө, оңой алууга мүмкүн болгон жерлерде болгондугунда болуп жатат.

Бул кемчиликтердин бардыгы, эл депутаттар Советинин жетекчилери, чарба жетекчилери, жаратылышты коргоонун маанисин акырына чейин тшүнө электигинин жана келе жаткан экологиялык катастрофага каршы күрөштү өз ишинин негизи кылып албагандыгынын натыйжасы.

МАЗМУНУ

Калоо	3
Жыйнака кирген макалаларга пикир	5
Алгы сөз	6
Өкмөттүн камкордуктары	11
Табиятты коргоо —мезгил талабы	13
Айыл чарбачылыгындагы түйүндүү маселелер	15
Токой табияттын көркү	20
Абанын булганычтары — өнөр жай өндүрүшүндө	23
Жаныбарлар дүйнөсү жаратылыштын көркү	31
Табияттын күйөрманы бололу	42
Өткөн жылдар эмнелерди көрсөттү	49

5с

Терүүгө 1.04.92ж. берилди. Басууга 25.06.92 ж. берилди. Форматы 60х83 1/16, 3,4 п. л.Тиражы 20,0 нуска, заказ № 3625.

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү. 209.